3
Парламенттик шайлоо экономисттин көз карашы менен



7
Н.Кадырбеков: Кыргызстан үчүн Жапония чек эмес




# САРЕСЕП

1-октябрь, 2015-жыл
№20 (20)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Ишеним иш жүзүндө гана далилденет

5-бетте



Кокого жеткен үгүттөө

10-бетте



## Э.Абакиров: “СДПКга кошоматчылык – ага кылынган душмандык”

8, 9-бетте





Буйрутмачы: «Бир Бол» Мамлекеттик биримдик жана мекенчил саясий партиясынын каржы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Ашыралиева Ч.М. «Бир Бол» Мамлекеттик биримдик жана мекенчил саясий партиясынын шайлоо фондунан төлөндү.



## Путинге Куралдуу күчтөрүн Сирияда колдонууга макулдук берилди

Орусиянын Федерация Кеңеши президентине Куралдуу күчтөрүн Сирияда колдонууга макулдугун берди. Бул тууралуу журналисттерге РФ президентинин администрация жетекчиси Сергей Иванов билдирди. Федерация Кеңеши президентинин бул маселе боюнча кайрылуусун 162 добуш менен колдоп берди.

"Орусия Аскер Аба Күчтөрү (ААК) Сириянын президенти Башар Асаддын "Ислам өлкөсү" уюмуна каршы сурануусунан улам гана пайдаланылат. Бул операциянын аскердик максаты сириялык куралдуу күчтөрдү абадан колдоо болуп саналат", - деп ТАСС Ивановдун сөздөрүн белгилеген. Анын сөздөрү боюнча Орусиянын ААКнын бул операциясы убактылуу мүнөзгө ээ. Ал жерде колдонула турган куралдар сыр бойдон калууда. Мындан аз убакыт мурда В.Путин Федерация Кеңешине РФнын Куралдуу күчтөрүнүн контингентин өлкөнүн сыртында эл аралык укуктун жалпы таанылган норма жана принциптеринин негизинде жүргүзүлүүсүн, Федерация Кеңешининин бул чечимди кабыл алуусун сунуш кылган. Федерация кеңеши бул маселени жабык режимде караган.

РФнын Конституциясына ылайык, Федерация Кеңешинин ишине РФнын Куралдуу күчтөрүн Орусия Федерациясынын аймагынан сырткары жакта колдонуу мүмкүнчүлүгү тууралуу маселени чечүү тиешелүү.



### Ошко өзбекстандык ырчылар келип концерт коюшту

2010-жылдагы июнь каргашасынан кийин өзбекстандык ырчылар Ошко келип концерт бербей калышкан болчу. 29-сентябрда, республикалык "Аалам" гезитинин 20 жылдыгына карата, Ош шаарындагы Сүйүмбаев атындагы стадиондо Өзбекстандан келген ырчылар концерт тартуулашты. Ага коңшу өлкөнүн белгилүү ырчылары Гайрат Усманов менен Гүли Асалхожаева чакырылган. Экөө тең Кыргызстанда төрөлүп, Ташкентке көчүп кетишкени тууралуу маалыматтар айтылып келет.

Алардан сырткары концертке Ош шаарынан эстрада ырчысы Илхом Ахмад да катышты. Келген эл стадиондун бир тарабын толтурду. Ал эми коопсуздукту милиция көзөмөлгө алып турду. Эске салсак, "Аалам" гезити 20 жылдан бери жарыкка чыгып келет. 2010-жылдан бери улуттар аралык биримдикти бекемдөө максатында өзбек тилинде жарык көрө баштаган.

# БШК байкоочу жана шайлоочулардын санын жарыялады



4-октябрда өтө турган парламенттик шайлоого 607 байкоочу көз салат. Бул тууралуу маалымат жыйынында Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы Туйгунаалы Абдраимов билдирди.

Анын айтымында, учурда Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунан 256, КМШ өлкөлөрүнөн 136, шайлоочулардын эл аралык ассоциациясынан 55 байкоочу келип, өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө.

Акыркы маалыматтар боюнча, Кыргызстанда биометрикалык маалыматтарын 2 млн 761 миң 297 шайлоочу тапшырган. Бул тууралуу БШКнын төрагасы Туйгунаалы Абдраимов маалымат жыйынында билдирди.

Т.Абдраимов Ош шаарында 27 миң, ал эми Бишкек шаарында 70 миң добуш берүүчү кошумча шайлоо участокторунда катталганын билдирди. Бардыгы болуп Бишкекте кошумча 39, ал эми Ош шаарында кошумча жети шайлоо участокторү ачылган.

Эске салсак, өлкө боюнча 4-октябрда 2 374 шайлоо участоктору иштемекчи. Дагы 36сы чет өлкөлөрдө ачылып, ал жактагы кыргызстандыктар добуш берет.

## М.Жакыпов: "Ортомчулардын айынан көмүр баасы 3 миң сомдон ашык"



"Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасынын башкы директору Мирлан Жакыповдун берген маалыматына карата 3 жылдан бери эле көмүрдүн баалары туруктуу кармалып келе жатат. Азыркы тапта КР Монополияны жөнгө салуу агенттиги Кабак бассейнине бааны 1300 деп койгон. Алай, Таш-Көмүр жакты алсак, 3 миң сомдон турат. Сүлүктү көмүр ишканаларында баалар 3 миңден 6 миңге чейин белгиленген. Себеби ал жерлерде жер астынан казылып алынгандыктан каражат көп кетет. Ошол себептен да наркы жогору. Арзан жеткирүү жолу жагы Өкмөт тараптан каралып жатат. Кара-Кечеге темир жол салынса, Бишкекте 500 сомго арзан сатылмак. Азыр көмүр ишканаларынын оор жүк ташуучу техникасы жок, ортомчулар аркылуу тарттырып келишет. Ортомчулар да өз баасын кошушат. Маселен Кара-Кеченин өзүндө 1300 сомдон сатылса Бишкекке 1400-1500 сом менен алып келинет. Бул жерде көмүр кампалары дагы 200 сом кошуп сатышат. Ошону менен 3 миңден ашып кетип жатат. Азыр ушул баа кармалып турат. Азыркы күндө Бишкектин кампаларында көмүр өтпөй жатат. 2-3 күн мурун мониторинг жүргүзүп көрдүм. Күн жылуу болуп жаткандыктанбы, же суук түшүүсүн күтүп жатышабы, белгисиз. Массалык түрдө көмүр алуулар баштала элек.

## Турсунбек Акун: 5 жылдан кийин талапкерлер куру убада бере албайт



Шайлоого көз сала турган Улуттук Кеңеш менен 14 саясий партиянын өкүлдөрү эки тараптуу кызматташуу меморандумуна кол коюшту. Анда Улуттук Кеңеш парламентке өткөн партиялардын ишин 5 жыл аралыгында көзөмөлгө алышат. Төрага Турсунбек Акун: "Бүгүн Парламенттик шайлоого катышып жаткан 14 саясий партиянын өкүлдөрү менен эки тараптуу кызматташуу меморандумуна кол коебуз. Бул Борбордук шайлоо комиссиясынын катышуусу менен ишке ашат. Меморандумдун негизинде Жогорку Кеңешке өткөн саясий партиялардын шайлоо убагында берген убадаларын шайлоодон кийин да көзөмөлдөө бизге тапшырылды. Анын негизинде партиялардын убадалары канчалык деңгээлде аткарылгандыгын коомчулукка жарыялап, тыкыр көзөмөлгө алабыз. Бул чоң механизм. Буга чейин мындай мониторинг жасаган кеңеш болгон эмес. Буюрса 5 жылдан кийинки шайлоого биздин мониторинг даяр болуп калат. Ал эми талапкерлер шайлоочуларга куру эмес, ишке аша турган убадаларды берип калышат", - деп ишендирди.

# Парламенттик шайлоо экономисттин көз карашы менен



Учурда Кыргызстанда эң актуалдуу саясий тема келе жаткан парламенттик шайлоолор болгондуктан, биз бул макалабызды политологиядагы кызыктуу оюн теорияларынын бир нечесине арнайлы деп чечтик. Тактап айтканда, бул теориялар менен парламенттик шайлоонун жүрүүсү жана түрдүү партиялар үчүн эң утуштуу стратегияларды аныктаганга аракет кылабыз

### Адамзат жана өкүлчүлүк демократиясы

Акыркы бир нече он жылдыктардан бери саясий процесстерди талдоо үчүн оюн-теоретикалык моделдери (game theory) көп колдонула баштады. Алардын арасынан коомдук тандоо (public choice) проблемаларын аныктоого өзгөчө маани берилүүдө. Коомго маанилүү болгон көптөгөн чечимдерди рыноктук механизмдердин негизинде кабыл алуу мүмкүн болбогондуктан, жамааттык чечим кабыл алуу маселелери өзгөчө актуалдуулукка ээ боло баштады. Бирок түрдөнгөн жекелик тандоолор бар жерде жамааттык чечим чыгаруу эсепке алынбаган көп тоскоолдуктар менен коштолот. Ошондуктан тандоочулар менен чечилүү маселелер көп болгон жерде түз демократия мүмкүн эмес болуп, ал өкүлчүлүк демократиясына өтөт. Ошол себептен улам парламент пайда болгон. Кыргыздарда жана жалпы түрк элдеринде уруулардын төбөлдөрү жыйналып, эң маанилүү стратегиялык чечимдерди кабыл алган курултайлар парламенттин ролун ойногон.



НУРАДИЛ РАИМБЕКОВ

### Шайлоочулар эмнени эске алышат?

Саясат менен коом таануучу жана экономисттердин арасында «шайлоочулар тигил же бул партияга добуш берип атканда эмнени эске алышат» деген суроо боюнча бирдиктүү пикир жок. Болгону шайлоочунун тандоосуна таасир берген бир нече негизги факторду теория менен аныктап чыкса болот. Буларга партиянын мурунку жетишкендиктери, шайлоочунун партияга ыкташы же берилиши, жарыяланган экономикалык программалары, үгүт компанияларынын күчү менен ыкмалары жана добуштарды мыйзамсыз сатып алуулар кирет. Бул факторлордун баары белгилүү деңгээлде коомдук тандоого таасир этет.

Дүйнөнүн заманбап шайлоо процесстерин анализдөө аркылуу саясий партиялардын бюджеттери менен алардын экономикалык программаларынын арасында түздөн-түз себеп-натыйжалык байланыштар бар экендиги аныкталган. Америкалык экономист Энтони Даунстун (Anthony Downs) 1957-жылы жарыяланган макаласында мындай байланыштын бар экени эскерилген. Ал өз макаласында медиандык шайлоочу теоремасы (median voter theorem) деген түшүнүктү чечмелеп, илимий колдонууга киргизген. Бул теоремага ылайык рационалдуу (эч кандай радикалдуу кыймылды жактырбаган) шайлоочунун парламентке өтчү партиялардын жар салган программаларын ишке ашыра алуусу тууралуу тигил же бул партияга багытталган идеологиялык артыкчылыктары бар. Ошондуктан тандоонун башка тараптары бирдей деңгээлде болуп калганда артыкчылык программасы орто статистикалык абалдагы (медиандык) шайлоочу үчүн эң жакын жана түшүнүктүү партияга ооп кетет. Бул жерде медиандык шайлоочу коомдогу бардык саясий талаптардын ортолому эсеби катары жорулат. Ошентип, Даунс талапкерлер шайлоону саясатты калыптоо үчүн утпай эле, шайлоону утуп чыккандай кылып саясатын калыпташкандыгы тууралуу идеяны божомолдоп далилдеп чыккан.

### Медиандык шайлоочунун пайда болуу шарттары

Даунс медиандык шайлоочу тууралуу теоремасын америкалык экономист Гарольд Хоттелингдин (Harold Hotelling) 1929-жылы жарык көргөн “бир сызыктагы шаар” (linear city model) моделине негиздеген. Анда Г.Хоттелинг эмне себептен атаандаштар соода түйүндөрүн (дүкөн, заправка, банк, ресторандар ж.б.у.с.) шаардын борборуна жакыныраак жана бири-бирине ыктап жайгаштырганга умтулушкандыгын ачыктап түшүндүргөн. Рыноктук аймакты бирдей бөлүп алып, кардарларынын трансакциялык чыгымдарын (transaction costs) азайтуунун ордуна соодагерлер шаардын ортосуна жыйылып алууга умтулушат. Мунун айынан шаардын чет жакаларында жашаган кардарлар кошумча убакыт жана каражат чыгымдап, шаардын чок ортосуна барууга мажбур болушат. Муну экономикалык теорияда Нэш тең салмактуулугу (Nash equilibrium) деп аташат. Мында ишинин стратегиялык мүнөзүн өз каалоосу менен өзгөртүү бир дагы атаандашка пайда алып келбейт. Бирок мындай абал коомдук бакубаттуулукту (public welfare) эң жогорку чекке жеткирген Паретто оптимуму (Pareto optimum) болуп калды дегендик эмес. Паретто оптимуму – бул бир дагы оюнчу (соодагер) башка оюнчунун абалын солгундатпастан, өзүнүн абалын жакшырта албагандай абалга жетип калуу дегендик.

### Медиандык шайлоочу үчүн кармашуу

Хоттелингдин модели башында экономикалык теорияда гана колдонулуп келсе, кийин биз белгилегендей политологияда да жигердүү пайдаланылган.

Даунс Хоттелингдин моделин парламенттик шайлоонун жүрүшүн анализдөө үчүн колдонгондо кызыктуу натыйжалар алынган. Көрсө, депутаттыкка талапкерлер жана саясий партиялар баарына жаккан медиандык программа жана ураандарды колдонушат экен. Ошол себептен улам шайлоочуларга колунан келишинче жагыш үчүн өздөрүн көбүнчөсүн же демократ, же социал-демократтарга таандыкпыз дешет. Медиандык шайлоочу болсо, саясий сахнадагы ультралиберал же неокоммунисттер сыяктуу аша чапкандарга сын көз менен карашы мурунтан белгилүү.

Даунстун моделинин негизги корутундусу мындай – бир өңчөй партиялардын арасынан идеологиясы менен программасы медиандык шайлоочунун көз карашына дал келип калган партия утат. Саясий талаада идея менен күчтүү экономикалык программалар жокко эсе болсо эмне кылабыз? Саясий партиялар өзгөчө жана күчтүү программаларды жазып бере алчу серепчилерге убактысы менен каражаты жетпей калгандан улам бири-биринин программаларын көчүрүп алып жаткан кезде эмне кылуу керек? Мындай учурда партиянын бюджети маселени чече алчу бирден-бир каражатка айланат.

### Биздин партиялар түшүп калган тузак

Саясий партиялар аталышы жана лидерлеринен башка эч кандай айырмасы көрүнбөгөн биздикиндей шарттарда медиандык шайлоочунун добушун алуу атаандаштыгы күчөгөндөн күчөп кете берет. Ресурстар тартыш болгон мындай абалда партиялар кантип болбосун билинип, эсте калыш үчүн пиар-компанияларга улам барган сайын көбүрөөк каражат коротууга мажбур кылган айлампа системасына киришет. Бирок Хоттелинг-Даунс моделине ылайык партиялар чыгымдары азыраак, натыйжасы көбүрөөк башкача жолду тандаса деле болмок. Көп финансылык мүмкүнчүлүктөрү болбогон партиялар идеологиялык стратегияны тандап алса туура болмок. Аутсайдер болгон мындай партиялар өзгөчө же радикалдуу идеялар менен чыкса жакшыраак натыйжа алмак. Мисалы: экономиканы туруктуу өнүктүрүү (sustainable development approach), мамлекетти исламдык моделге жакындатуу, экономиканы либералдаштырып, бардык тармактарды максималдуу менчиктештирүү же тетирисинче мамлекеттин негизги байлыктарынын баарын улутташтыруу. Мындай ыкманы колдонуу менен аутсайдерлер чакан болсо да, идеологиялык жактан туруктуу электораттын добушуна үмүт арта алышмак.

Учурда биз идея менен программалардын атандашуусун эмес, бюджеттердин салгылашуусуна күбө болуудабыз. Боршайкомдун «2015-жылдын 14-сентябрына карата саясий партиялардын шайлоо фонддорундагы акча каражаттарынын кыймылы тууралуу» отчетуна карасак, кайсы партия өтүп, кайсынысы сыртта калары айдан-ачык болуп турат. Алдыдагы партиялардын бюджетине салыштырмалуу каражаттары 10-15 эсе аз болгон партиялар эмнеге үмүт артып жаткандары белгисиз. Анткени алардын эмне үчүн күрөшүп, башкалардан кандай айырмалары бар экени аталышынан дагы билинбей турбайбы. Кээ бирилеринин өзүнө таандык экономикалык программасы да жок...

# Апталык ой толгоолор

“Эгер өкмөт менен жарандардын иш-аракеттеринин ортосунда айырма бар дей турган болсок, анда саясаттын эмне кереги бар? Анда өкмөт билгенин кыла берсин. Жарандар болсо, “көзүм көрбөсө, көчүгүмдү бөрү жесин” деп жүрө бериш керекпи. Бул туура эмес көрүнүш”, - дейт...



ЖАНСАКТА САРБАШОВ

### “Өзүмдү эмес, сөзүмдү ээрчигиле” деген бири болор бекен

Кожо Насреддинге чоң уруу жашаган бир айылдан кайра-кайра чакырык келе берет. Акылман бир күнү чыгынып, китептерин бир сыйра карап, таңкы намазын окуп алып жолго чыгат. Уруунун элдери жапырт сүйүнүп тосуп чыгышат. Өзүнө өзүнчө сый-урмат, жадагалса минип келген эшегине да атайын орулуп келген жаш бедеден салып сыйлашат. Айылдагы эң чоң имарат болгон мечитке чогулушуп, Кожону атайын коюлган сөөрүгө отургузушат. Насреддин кожо да адаттагыдан башкача толкунданып, олуттуу нерселерди гана сүйлөп, элди тазалыктын, адепти кармануунун жана улуттук баалуулуктарга сый-урмат кылуунун туу чокусуна алып барып келет. Күн төбөдөн оогон соң бешим намазы окулат. Уу-дуу болуп толкундаңган эл, жергиликтүү имам баш болуп, Насреддин кожону имамдыкка өткөрүшөт. Каадасы менен намаз окутуп, теспесин тарттырып, бата дубасын берип бүткөн соң коштошуу сөздөрүн айтып бутуна турат. Мечитке толгон эл бир-бирден салам берип отуруп, сыртка бир топ убактан кийин чыккан кожону элдин баары мечиттин дарбазасынан алыс узатып калышат. Ныксыраган эшегин жетелеп келип бергенде Насреддин кожо эшегине тетири минип алып, элди жүздөнгөн бойдон узап кеткен экен.

25 жылдык жаңы тарыхыбызда туура эмес сүйлөгөн жетекчилерди аз көрдүк. Баарынын эле сөзү жакшы болуп келди десек калп болбойт. Балким тазаларыныкы дубатилек болуп, азыркы кудайга шүгүр дегенчелик жашообузга себеп болгондур. Азыр 25 жашка чыккандардан мурун эле саясатка келип, далай жолу партияларын алмаштырып, партиясын алмаштырбаса дагы партиясы менен бирге позициясын алмаштырган саясатчылар эшекке өздөрү тетири минип, “өзүбүздү эмес, сөзүбүздү ээрчигиле” деп, активдүү саясаттан кетчү убактары келди го. Өзүнүн экстроординарлуу жоруктары менен эсте калган акылман кожолор сөзү да, өзү да туура болгонуна карабастан, “Улуу сөз баары бир менден артык” деп, калың элдин кебинен коркпостон, далай жолу өздөрүнүн табияты жаңылууга жана жаңылтууга ачык экенин көргөзүп келишкен. Өздөрү тарбиялаган опурталдуу жаш муун “күч атасын таанибайт” кылып омуроолой баштаганга чейин эле быйылкы шайлоого жигитсинип ат салышып жаткан бир топ саясатчы сый-урматын көрүп, төрү менен көрүн ойлоп, активдүү саясаттан чегинсе жаращмак.

### Бетеге кетти бел калды, белге тепкен “эр” калды

Жумгалда 9-класстын окуучусун буга окшогон “эр” жүрөк тушка уруп түбүнө жетти. Оштогу мектептердин биринде окуган кыздарга дагы бир этекчен “эргулдар” чала коюп, жекеме-жекеге чыгарып мушташтырышкан. Бишкекте эскиче айтканда, ПТУшник балдар футбол ойноп бүткөн соң калаймanды башташып, бирөөсүн бычактап салышкан. Бычакташуу ордодо салтка айланып бара жатканбы, №38 мектептин бир “шери” спорт интернаттын үч-төрт баласын бычактап ийгенге жетишкен. Өлкөдө сентябрь айы, алдыда шайлоо.

Бишкектин чок ортосунда жайгашкан мектептен сабак убагында ондогон мугалим массовкага катышуу үчүн атайын ыкчам маршруткага малдан бетер жүктөлүп кетип жатат. Балдарга жыргал, алардын же үйдө жок, же Чүйдө жок калганын эч ким билбейт. Бири-биринин эски жараларын тырмап, каалаган мектепте өзүндөй эле бесхоз калган, каалаган “душманын” чакыра калып разборка кылып ийгенге кеңээн убакыт бар. “Мугалимдерди ким, каякка жүктөп кетти” дегенге келсек, кезектеги өзүн түбөлүккө бийликте калчудай сезип алган партиянын жолугушууларына. Атасы таанибаган бири үчүн сунулган микрофонго суутпастан калп айтып, жанын жеп келген мугалим окуучусуна кантип, кандай тарбия бере алат? Жогорудагы абзацтагы көрүнүш кийинки абзацтагы менен эч кандай байланышы жок деп жибергендер да бар. “Внеурочное времяда” болгон бул окуялар деп.

Саясатчылар менен шайлоону же кышкы, же жайкы каникулга койгула деп коомдук келишим түзүү керек болуп калды. Элди шайлоого келтирүү кыйын болот дегендерге бизден бир бекер идея. Монголия биринчи жолу биометрикалык шайлоо жүргүзгөндө ар бир добуш берген жаранына 100 доллар бериптир. Көзүнө чейин тоюп, акчасы кулагынан чууруп баштаган телелерге “я пойду голосовать” деген роликтерди жүгүрткөндөн көрө ар бир шайлоочуга 1000 сомдон беришсе эффективдүүрөк болмок. Бюджетте каражат тартыш болсо, лөк партиялардын биринчи 30 орунуна жазылып алгандар кайрымдуулук кылышсын. Ушул үчүн атаандашсын. Бул дагы өзүн шайлатып алууга жакшы үгүт куралы. Каникул убагында кимге акча кереги жок, кыш болсо, баласына шорпо, жай болсо, бекер балмуздак дегендей. Жетээрлик электорат келип бермек шайлообузга.

### Культка айланып баратканды шайлабайлы

Айланайын калайык-калк, эгер андай лидер бир жыйын жерине кирип келгенде жүгүрүп барып этегинен өөп, чекеңе сүртүп ийгиң келип жатса, анда шайлоого барбай эле койсоң жакшы болот. Ал сен үчүн жана бала-чакаң үчүн эң коркунучтуу абал. Муну психикалык байланып калуу оорусу деп атаса болот. Муну эмнеге айтып жатканыбыздын себеби, баягы күнү бир айыл башчы менен сүйлөшүп калсак, элдин арасында “өз” партиясына үгүттөп жатып, башкалар менен чачташа кеткендер дагы эле бар экен.

Карапайым калк эмес, эл сыйлаган аалым дагы бир ай өтпөй үч партияга кыйыр үгүт кылып ийип, Боршайкомдун “ардак сары карточкасын” жеп калды. Канчалык ардактуу болсо да, сары карточка кызылга айланып кетүү адаты бар. Айрыкча аны асман тиреген тоолор тараптагы бирөө көрсөтүп жиберсе, аалымдын да, заалымдын да иши бүтөт.

Ээрчиткен жана ээрчигенге кайткан болсок, азыркы жер жүзүндөгү эч бир саясий лидер же ал баштаган топ кошунаң менен айтышып, досуң менен жакалашып, бир тууганың менен мушташып кеткенге татыбайт. Эгер мындай жагымсыз аракеттерди кылган болсоң, саясий экономика илиминде мурунтан эле кеңири айтылып келген “медиандык шайлоочуга” айланганың бышык экен. Медиандык деген сөз, орто деген түшүнүктү берет экен. Андай шайлоочу азыркы биздин октябрь айынын алдындагы ным тарткан, көк жыттанган жерлерде пайда болот экен. Ал шайлоочуну мурду муштумдай болуп, муштуму алдындагы абаны улам жиреп сүйлөгөн, акыл-эс менен эмес, кызуу кандуулук менен добуш алгысы келген лидерлер тери ийлегендей ийлеп чыгарат экен. Ийге келген мындай добушкер этегин өпкүсү келген лидерден эки эле нерсени – нан жана оюн-зоокту талап кылып калат экен. Бирок ушул учурдан баштап медиандык, б.а., оозун ачкан ээрчиме шайлоочу аны ийге келтирген лидер менен анын тобунун айласын алты кетире баштайт тура. Бул добушкер ким көбүрөөк нан берип, шаңдуураак оюн-зоок көргөзгөндү ээрчип кете берчү абалга келет, эң негизгиси анын акыл-эсин кандайдыр бир ой жүгүртүүнү талап кылган экономикалык программа же саясий инициатива менен ойготуп албаш керек.

Эми ушул жерден диктатурада да, демократиялык мамлекетте да жашап көргөн философтун ойлору менен бөлүшөлү. “Нацисттик Германияда өзүнүн диктаторун шайлап алышты. Бул жерде Гитлерге каршы болгондор дагы мындай өкмөт үчүн жооптуу болуп, анын ишинен жапа чегиши керек болчу. Согушту баштаган мамлекеттин ар бир жараны согуш үчүн жооп берет. Дал ушундай туура эмес өкмөт пайда болбошу үчүн жарандар саясатка кызыгуулары керек. Эгер өкмөт менен жарандардын аракеттеринин ортосунда айырма бар дегендей болсок, анда саясаттын эмне кереги бар? Анда өкмөт билгенин кыла берсин, жарандар болсо, “көзүм көрбөсө, көчүгүмдү бөрү жесин” деп жүрө бериш керекпи. Бул туура эмес көрүнүш. Биз өз өкмөтүбүз үчүн жоопттуубуз, ошондуктан саясатка олуттуу мамиле кылуубуз керек. Эгер биз диктатурага айланып, бизге эркинирээк мамлекет кол салган болсо, ал анын акысы болот”, – дейт Айн Рэнд деген АКШнын философ айымы. Менимче, анын бул ою туптуура.



# Шайлоого болгон ишеним иш жүзүндө гана далилденет

Жыл башында быйылкы өткөрүлө турган партиялык шайлоо таза жана адилеттүү өтөт деген ишеним ар бирибизде бар эле. Бирок үгүт иштери старт алып, шайлоо босогого жакындаган сайын баягы ишеним бир аз солгундагандай

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

Президентибиз Алмазбек Атамбаевдин демилгеси менен ишке ашкан биометрикалык маалымат базасы БШКны шайлоочуларды каттоону идентификациялоочу заманбап технология менен камсыз кылып, таза жана ачык шайлоонун өтөрүнө шарт түзүп бергендей болгон. Бирок үгүт иштери старт алып, шайлоо босогого жакындаган сайын добуш берүү дурус өтөт деген ишеним бир аз солгундагандай. Жарышта кетип жаткан депутаттыкка талапкерлер мандатка ээлик кылуу үчүн болгон күч-аракетин жумшап, капчыгынан акча аяган жок. Мурдагы эле салт катары калыптанып калган эски тутум кайра кайталанып жатканын эл дагы элегинен өткөрүп жатса керек. Жадагалса ишенимге тирек болгон биометрикалык каттоо процесси дагы одоно катачылыктарды кетиргени, маселен, мурда катталбаган адам тизмеден чыгып калып же катталган жаран өзүн тизмеден таба албай жаткандыгынан улам алдыдагы парламенттик шайлоонун адилеттүү, акыйкат, таза өтөрүнө эч ким толук кепилдик бере албаса керек. Бирок пикирлер бир тараптуу эмес, кээ бир серепчилер бул шайлоо мурдагыларга салыштырмалуу бир канча пайызга таза өтөт деген көз караштарын билдирүүдө. Ушундан улам окурманга аз да болсо багыт көрсөтүүнү көздөп, серепчилер арасында сурамжылоо жүргүзүүнү туура көрдүк.

## Техника боюнча түшүндүрүү иштери чабал

**Усупбекова Айнура, "Таза шайлоо" ассоциациясынын жетекчиси.**



Бул жолку шайлоодо жаңы технология киргизилип жаткандыктан оңой болбойт. Ошол жагынан кооптонуп жатабыз. БШК жаңы заманбап техника менен камсыздалганы менен ошол техниканы туура колдонуу үчүн атайын түшүндүрүү иштери чабал жүргүзүлгөн. Экинчиден, элдин караңгылыгынанбы же атайылап "жаңы технология силер кимге добуш бергениңерди билип алат" деп ушак таратып жатышабы, ушул нерседен мугалимдер аябай кооптонуп жатышат. Шайлоого бир апта убакыт калганына карабай, техниканын кынтыксыз иштеп берерине дагы эле күмөн саноолор арбын. Буга чейин шайлоо жабдуулары кандай иштей турганын журналисттерге көрсөтүп бермекчи болгон биринчи вице-премьер-министр Тайырбек Сарпашев техниканын айынан эки жолу каттоодон өтүп, бул ишке жыйырма мүнөткө жакын убактысын короткону билебиз. Эгер шайлоо күнү техникалар бир себептен улам иштен чыга турган болсо, шайлоочулар арасында чуу жаралышы мүмкүн. Жаңы орнотулган техникалар ошол күнү үзгүлтүксүз иштеп берсе жана аны иштетүүдө кыйынчылыктар туулбаса, анда таза шайлоо өтөрүнө негиз бар.

## Шайлоонун таза өтөрүнө калктын дагы ролу чоң

**Турсунбек Акун, Жогорку Кеңеште мониторинг боюнча улуттук кеңештин төрагасы, укук коргоочу.**



Шайлоо эч качан таза өтпөйт. Жадагалса өнүккөн өлкөлөрдүн тарыхында да таза шайлоо өткөнүн кездештире албайсың. Ал саясий оюн болуп калгандыктан, андагы каралып жаткан иш-аракеттер эл үчүн табигый көрүнүш болуп калды. Шайлоонун таза өтөрүнө калктын дагы ролу чоң. Анткени акчага же материалдык жардамдарга азгырылбай, шайлоо иштерине активдүү катышып, татыктуу талапкерди тандап алуу деген бизде аз. Бирок мурункуга караганда бир тепкич өйдө акыйкат шайлоо өтөт деген ишенимдемин. Анткени президент баш болгон, премьер төш болгон бийликтин жоон тобу шайлоону таза өткөрүүгө болгон дараметин жумшап жатат. Кыргыздардын түшүнүгүнө акыйкат эмес, акча жеңет деген ураан бекем отуруп алган. Ошондуктан азыр калк шайлоонун таза өтөрүнө шектенип турат. Кээде ошол түшүнүккө ишенимди дагы кошуп койсо артык болбос.

## Заманбап техника каратып туруп бурмалоолорго бут тосот

**Медералиева Гүльзада, "Демократия жана жарандык коом" коалициясынын мүчөсү.**



Азыр биометрикалык каттоонун киргизилиши менен шайлоонун таза өтөрү анык. Биометрикалык негиз киргизилгенде шайлоо участокторду бардык жаңы жана заманбап жабдуулар менен камсыздалган. Мисалы, 3000 лэптоп, 3000 манжа басмаларынын сканерлери, сервер жана тармак жабдуулары, 4000 термопринтер, 3000 үзгүлтүксүз электр булактары (UPS) жана 2500 дубалга орнотулуучу мониторлор алынып келинген жана жалпы бюджет 6 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул заманбап жабдуулар шайлоо бюллетенин алмаштырып коюу көз боёмочулугуна такыр жол бербейт. Ошол заманбап урналар мурдагылардан айырмаланып, автоматтык түрдө эсептөө жүргүзөт. Мурдагыдай каратып туруп жүргүзүлгөн көз боёмочулуктар болбойт. Эске салсак, болуп өткөн шайлоолордо шайлоо комиссиясы тарабынан абдан одоно бурмалоо иштери жүрүп турган. Экинчи жактан да партиялар бирин-бири чукуп, бирин-бири контролдоп жаткандыгы да шайлоонун бир канча пайызда таза өтөрүнө салым кошсо керек. Бирок адамдан амал качып кутулбайт демекчи, талапкерлер добуш берүү процессин бурмалоого жол берилбегенине ынанган соң добуш алуунун дагы башка жолдорун издешүүдө. Мисалы, добушту сатып алып же мамлекеттик кызматкерлерди мажбурлап атканы белгилүү. Дал ошол себептүү Борбордук шайлоо комиссиясын ар бир жылчыкты бүтөөгө аргасыз кылууда. Шайлоодо кайсы партияга добуш бергениңди телефондун камерасына тартсаң, ошол партия тыйын берет экен деген күбүр-шыбыр кептер, шайлоо комиссиясы менен өкмөттү тезирээк чара көрүүгө түрттү.

## "Артык кылам деп тыртык кылды" дегендей болбосок болду

**Рита Карасартова, "Коомдук анализ институтунун" жетекчиси.**



Ооба, ал ишеним баарыбызда болгон. Бирок кийинки учурда эл арасында айтылып жаткан аңыз кептер мени кайра бүдөмүк ойго салып жатат. Мамлекеттик органдарда көп эле тааныштарыбыз иштейт. Мисалы, мектепте, мамлекеттик каттоодо же айыл өкмөттөрдө. Алар кээде бийлик тарабынан кысымга алынып жатканын айтып жатышат. Мисалы, ошол райондо жашап, башка жакта катталуулардын же башка жакка кетип аткандардын тизмесин алып, паспортунун көчүрмөлөрүн алып келүүсүн талап кылып жатышат экен. Бул саясатты кандай түшүнсө болот? Башка жакта катталуулар үчүн атайын 1-форма деген (башка жактан добуш берүү) жеңилдигин ишке киргизбеди беле. Мен муну бийликте өкүлдөрү бар партиялардын добуш топтоо максатында кылган иш-аракеттери деп ойлойм. Бул ишке түз далилим жок болсо да, бир нерсени мисал кылып кетейин. Аймактык мамлекеттик органдар ошол эле аймактык шайлоо комиссиясы үй-үйлөргө кыдырып, шайлоого катышуубузду талап кылып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жүргөнү анык. Ошол учурда КСДПнын газета, брошюраларын кошо таратып жүргөнү кызык. А чынында борбордук болобу, аймактык болобу же участкалык шайлоо комиссиясыбы, алар абсолюттук түрдө эч бир партияга тартпаган, шайлоонун туура бурмаланбай өтүшүн камсыздаган орган болуусу зарыл. Айтkым келгени, мен участкалык шайлоо комиссиясында мурда эмгектенгем жана көптөгөн бурмалоолордун күбөсү болгом. Азыр карап көрсөм ошол эле система кайра кайталанып жатат. Бул алдыдагы шайлоонун акыйкатсыз өтөрүнө далил. Мисалы, каза болгондордун аты-жөнү шайлоочулардын тизмесинен чыгып калып же биометрикалык маалыматын тапшырган жарандар өздөрүн тизмеден таба албай калышууда. Мындай жосундарды жыйган талапкерлердин айрымдары өз кызыкчылыгы үчүн колдонуп, утулганын мойнуна албай, жактоочулары көчөгө чыгарышы толук мүмкүн. Ушул өңдүү маселелер бир чоң чатактын өзөгү болуп береби деп бушайман болом.

## Материалдык жетишсиздик добушумду сатууга мажбурлады

**Бурулкан, Арча-Бешик конушунун тургуну 41 жашта, жалгыз бой эне.** Мен үчүн кайсы партиянын мандатка ээлик кылары маанилүү эмес. Шайлоонун акыйкат өтөрүнө деле көзүм жетпейт. Өз добушумду мага материалдык жардам көрсөткөн партияга берем деп ачыгын айткым келет. Азыр добуш баасы 2000 сомго жетип жатканын кулагым чалып калды. Ойлонсом ал акчанын деле пайдасы тиери бышык. Мындай кризис учурунда акча сунуп жатса, кантип баш тартасың? Тартканда деле баягы эле депутаттардын келери бештен белгилүү эмеспи. Андан көрө бергенин алып, кышкыга көмүр алып койсом мен үчүн утуш болуп атпайбы. Акыркы күндөрү өлкө өнүгөт деген сөздөрдөн үмүтүм өчүп баратат. Азыктүлүктүн баасы күндөн-күнгө өсүп, электр энергияга болгон нарк да жогорулоодо. Ал эми айлык акы жакынкы күндөрү көтөрүлөрү белгисиз. Мындан ары кандай күн кечирибизди билбейм.

Элде "Акча берген партияга салабыз, эч кимиси бербесе, СДПКга салабыз" деген кеп жүрөт. Демек, эл акча алуусун, партиялар берүүсүн койгудай эмес. Партиялар шайлоочуларды сатып албаса гана бул жаман адат калчудай түрү бар.

# Манас да кетти дүйнөдөн

## Манастын чоң атасы Каракан өлгөндөн кийин Алооке баш болгон душмандар кыргыз элин чаап, кырк уруу кыргызды дүйнө жүзүнө чилдей таратып жиберет



ТАЛГАТ ДЕКРЕМБАЕВ

*Бири кетти Алтайга,*
*Бири кетти Каңгайга.*
*Бири кетти Эренге,*
*Бири түшүп кетти Тереңге* – деп улуу жомокто айтылып калган экен. 18 жаштагы Жакып баш болгон кыргыздар Алтайды беттеп, көрбөгөн азап-тозогу калбайт. Талыкпаган мээнетинин акыбети кайтып, кыргыздар бул чөлкөмдөгү эң бай, колунда бар адамдарга айланышат. Жер тилип аштык айдашып, тоодой түшүм алышат. Кен казып, алтын, күмүш сыяктуу металлдардан түрдүү буюмдарды жасашат. Алакандай аштыкты жергиликтүү малдан башка менен иши болбогон элге малга айырбаштап отуруп, кыргыздар тез эле ирденишет. Эл турмушу оңолгону менен чоочун жерде калмактарга күнкор болуп жашоо кыйын эле. Эгемендүүлүгү жок элге дөөгүрсүгөн жергиликтүүлөр каалагандай алым салып кууратышты. Мына ошол учурда азап көргөн элинин кайгы-муңунан, зарынан Айкөл Манас кыргыз элинин багына Жаратткандан улуу белек катары жиберилди. Баладан көзү каткан Жакып уулуна чоң той берет. Атын кайдан-жайдан бир дубана пайда болуп, Манас деп коюп, көздөн кайым болот.

Чоң жинди атыккан Манас бала кезинен өздөрү келип катылган калмактардын сазайын бере баштайт. Аксакал кары Акбалтадан чачылып кеткен туугандары тууралуу угуп, Кошой абасына Ат-Башыдан кездешет. Кошой карынын сөзүн угуп, эли-журтун алып, Ала-Тоого көчүп келмей болот. Манас Алтайга кайра кайтканда катуу урушка туш болот. Калмактардын Нескара, Жолой аттуу баатырлары менен согушат. Көп кол менен жардамга келген Кошой карыя Манаска кошулуп, ага жардам берет. Бул согушта Манас жеңишке жетишип, элин алып, кең Таласка жайгашып калат. Манастын кабарын уккан көп баатырлар ага кызмат кылуу үчүн жер-жерлерден келе башташат. Бул баатырлардан айтылуу кырк чоро куралат. Элге кордук көрсөткөн Коңурбайдын атасы Алоокеге каршы согуш жүргүзүп, мусулмандарга Анжиянды кайрадан бошотуп берет. Бул жүрүштө Алооке өлөт. Кошойдун сунушу менен Манасты ак кийизге салышып, жаамы кыргыз элине хан кылып шайлап алышат. Манас бабыз элине кайрымдуу, боорукер хан болгон. Эл аны атынан айтпай, Айкөл деп кадырлаган. Манастын акылчысы Бакай аба, караан тутары Кан Кошой жана да жан кыйышпастары Алманбет, Чубак, Сыргактар болушкан.

Манас калкы менен кеңешип, ата-бабасынын өчүн алуу максатында бутпарастарга карата дин исламдын жолунда Чоң казатка чыгат. Мусулман калкынан кырк түмөн кол алып, Бээжинди көздөй аттанат. Чет Бээжин хандыгын жеңип алып, ал жерде алты ай хандык кылат. Кырк капкалуу Чет Бээжинден кара көлөкөдөй болуп, таңкы үрүл-бүрүлдө Айкөл эрте менен багымдат намазынын эки ирекет сүннөтү менен эки ирекет парзын окуп, саждага кеткен учурда Коңурбай "Буга алышып адамдын алы жетпейт" деп учу кырк жылы ууга сугарылган найза менен кыр аркага уруп жаралантып кетет. Ушул окуядан кийин кыжылдаган кылымдык көп кытай менен болгон уруш кайрадан уланат. Шыпшайдардын айыкпас оорудан айыгып келиши менен кыргыздардын шору кайнайт. Манас Алманбет, Чубак, Сыргак баш болгон мыкты он эки чоросунан жана мингени Аккуладан айрылып, Аккелтесин таянып жөө калат. Таластан Бакай баштап келген калың кол урушка кайрадан кирип, Манасты Тайбуурулга мингизишет. Эки тараптан тең кан суудай агып:

*Муруттарын шалпайтып,*
*Эр өлүгү тоо болду.*
*Азууларын арсайтып,*
*Ат өлүгү тоо болду.*

Асман ачык, жер бүркөк болуп, айкаш аябай катуу болду. Айкөлдөн келинче жүгүнүп, тыныгуу сурап келген Коңурбай ошол тыныгуу маалында калың мусулман Ай кулагы казандай, айкырса үнү азандай болгон Айкожонун артында жамаат менен намаз окуп жаткан учурда кыянаттык менен экинчи жолу шилиге айбалта чаап кетет. Жараты кабылдап, абалы оорлогон баатыр өз жерине кайтууга аргасыз болот. Зил кусуп калганда Таласка жетет. Оорудан баатыр оо дүйнөлүк сапарга аттанат. Акылман энебиз Каныкейдин айтуусу менен Манастын сөөгүн адам таппас жерге бекитишет. Ал эми Талас шаарынан он эки чакырым алыстыкта жайгашкан Кароол-Дөбө чокусунун этегине Манастын күмбөзүн салдырып, душмандар күмбөздү кордоп кетпесин деп аял кишинин атын саймалатып жаздырып койгон имиш деген сөздөр бар.

Гиннестин китебинде "Манас" дүйнөдөгү ыр менен жазылган эң көлөмдүү чыгарма деп жазылып турат. Манасты айткан айтуучулардын ичинен Саякбай Каралаев атабыз бул жомокту арбытып айткан. Анын айтуусундагы 500 553 ыр сабы жазылып алынган.

Кытайда Манас дарыясы жана шаары бар. Индияда Манас аттуу кичи эпос бар. Венгрияда Манас айылы бар. Крымда Манас жарым аралы бар. Кореяда Манас булуңу, Японияда Семетей шаары бар. Испанияда жана Латын Америкасында дагы Манас деген шаарлар бар. Бул аталыштар балким сөздөрдүн туш келип калуулары дагы болушу мүмкүн.

Бирок "Манас" эпосун чындыгында салт-санаабызды, дилибизди, динибизди бир бүтүндүккө уюткан тарыхый-баатырдык эпос экендигине эч күмөн санабаңыз, урматтуу окурман. Айталы дегенибиз, азыркы оомалуу-төкмөлүү заманда Манастын тегерегинде элдин башын айлантып жаткан "алдар көсөлөр" бир ууч элибиздин ынтымагына, диний ишенимдерине жик салып жаткандыгы байкалат. Жеке менин жан дүйнөмдө Манас чыныгы мусулман, чыныгы кыргыз! Жомокту С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттарын салыштырып окуп көрүңүз. Эки вариант бирин-бири толуктап турат. Манас дүйнөсүнүн эшигин ачып, анын керемет энергетикасынын сырын байкап көрүңүздөр.

# Боз торгой



Биз дале боз адырда соко айдап жүргөн элек. Айдалган жерге кара чыйырчык, карга, таан жабыла конот. Андан курт издешет.

Деги жан-жаныбарлардын жан багуусу өзүнчө эле тынымсыз күрөш деп ойлонгонумча, торгойдун канаты кулагыма "бырп" серпилип, өзү койнума бөгүп калды.

Көрсө, ал көккө төнүп сайрап турган кезинде аны кыргый качырыптыр. Торгой койнума киргенде аны алууга тик качырган кыргый мага тие жаздап, кайра "зып" кайыды.

Бөккөн торгойду койнуман алдым. Жүнү жупжумшак. Жазыксыз көзү мөлтүр, аянычтуу. Кантсин, байкуш. Аябай корккон экен. Эти ысып, кипкичине жүрөгү тез-тез сокконун колум сезди. Торгойду ууччай бек кармап туруп:

– Эми коркпо. Кутулдуң! – дедим. Анан бөрсөгөй тумшугуна шилекейимди оозанттым. Даамын алгансыды торгой. Тумшугун ачып жапты.

– Шилекей алышкан дос болдук экөөбүз. Кош! – деп алаканымды жаздым.

Ошол замат торгой эркинче учуп кетти.

Бул торгойдун аман кутулганына кубанып, карааны калбай калганча мен аны карап турдум.

Бир аздан кийин төбөдө безелене сайраган боз торгойдун мукам үнү көңүлүмдү эргитти.

ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ



## Окуп, жаттап, колдон

МУРДУН БАЛТА КЕСПӨӨ. Кенебөө, тоготпоо, камаарап да койбоо, капарына албоо. ***Мурдубузду балта кеспейт, кайгы-капа менен жумушубуз жок.***

ТАШЫ ТЕГЕРЕНҮҮ. Иши онунан чыгуу, оюндагысыдай болуу. ***Менин мүмүштүн калганыма ташы тегеренип турабы?!***

ЭШЕК КУРТУН КАГУУ. Көрбөгөндү көрсөтүү, жинин кагуу, азабын колуна берүү, эсине келтирүү. ***Анан сенин эшек куртуңду кагабыз.***

# Н.Кадырбеков: «Көрөңгөлүү Кыргызстан үчүн Жапония чек эмес”

Күн чыгыш өлкөсүнүн белгисиз жактарын окурмандарга тартуулап, мактоого арзыган “Жапон кереметинин сыры” китебинин жана “Бир гана сенсиң”, “Нурлуу толкундар” аттуу жыйнактардын автору, “Ыйман” фондунун жетекчиси Нуржигит Кадырбековдун орундуу ойлору жана аталган фонддун аткарган иш-аракеттери камтылган маекти сунуштайбыз



**– Нуржигит мырза, «Ыйман» диний маданиятты өнүктүрүү фондунун негизги максаты жана жүзөгө ашырып жактан иш-аракетерине токтоло кетсеңиз?**

– “Ыйман” фонду 2014-жылдын башында мамлекет башчысы Алмазбек Атамбаевдин буйругу менен түзүлгөн. Фонддун негизги максаты элибиздин руханий көрөңгөсүн байытууга, диний маданиятын өнүктүрүүгө багытталган долбоорлорду ишке ашыруу, мамлекеттин дин саясатына жардам берүү болуп саналат. Кыргыз элинде “Иретсиз иште ийгилик болбойт” деген сөз бар. Ишибизди иреттеп, төрт долбоор боюнча иш баштадык. Биринчиси – “Имамдарды окутуу” долбоору. Өлкө аймагындагы имамдардын билим жана кесиптик деңгээлин көтөрүү зарыл. Элге акыл айтчу аалымдарыбыз билимден аксаса, адашса, анда баарыбыз адашабыз. Учурда алты жүзгө жакын имамды окутуп бүттүк. Эки миңдейин эми окутабыз. Имамдардын эл менен тыгыз кызматташуусу, ишине жоопкерчиликтүү болушу жана билим алууга кызыгуусу үчүн шарт түзөлү деп, стипендия да бере баштадык. Кыргызстан светтик өлкө болгондуктан, мамлекеттин казынасынан имамдарга маяна берүүгө мүмкүн эмес. Кудай буюрса, өлкөдөгү эки жарым миң имамдын баарына стипендия беребиз деп ойлойм. Экинчиси – “Калем жана ыйман” долбоору. Элдин руханий деңгээлин көтөрүү үчүн жалаң гана имамдарга таянуу жетишсиз. Жазуучу-акындарды да бул ишке тартуу керек. Анткени кыргыз калкы сөз баккан, кепке маани берген эл. Айрым калемгерлер бузукулук, зомбулук тууралуу чыгармаларды жазып, адамдардын жан дүйнөсүнө жугуштуу оорунун үрөнүн сээп жатканын билебиз. Жаштар ушундай чыгармаларды да окуй берет экен. Акын-жазуучуларыбыз адамдарды ыйманга, биримдикке, мекенди сүйүүгө, сабырдуулукка, достукка үндөсө деген ниет менен аталган долбоорду баштадык. Долбоорго Мамат Сабыров, Жыпара Исабаева, Зайырбек Ажыматов сыяктуу белгилүү калемгерлер катышты. Азыр мыкты чыгармаларды тандап, жыйнак даярдап жатабыз. Жакында “Табигат сырлары” аттуу китеп жарык көрдү. Үчүнчүсү – “Интеллектуалдык инвестиция” долбоору. Инвестиция дегенде эле акчаны түшүнбөө керек. Өлкөгө көбүрөөк акыл, билим инвестициясын тартышыбыз зарыл. Бул долбоор аркылуу жаштарды ийгиликке жетишкен, адептүү, наркту, чет мамлекеттерде билим алып келген адистер менен жолуктуруп, өз ара тажрыйба, билим, идея алмашуусуна шарт түзүүдөбүз. Төртүнчүсү “Медиа мейкиндик” деп аталат. Азыр интернет өкүмүн жүргүзүп жаткан заманда жакшылыкка, кайрымдуулукка үндөгөн видеолорду даярдап, социалдык тармактарда жайылтып жана телевидение аркылуу элибизге тартуулоону максат кылдык. Чет өлкөдө даярдалган социалдык мыкты роликтерди котордук. Өзүбүз мультфильм тартуудабыз.

**– Сиз Жапонияда билим алып, алардын жашоо-шарты, эли, мамлекети тууралуу көбүрөөк билесиз. Кыргыз өлкөсү дагы жапон мамлекети сыяктуу өнүккөнгө мүмкүнчүлүгү барбы?**

– Негизинен кыргыз өлкөсү үчүн Жапония чек эмес. Кыргызстандын көрөңгөсү абдан бай. Келечекте жапон мамлекетинен да өнүккөн өлкө болгонго толук шарты бар. Болгону ар бир адам мамлекетке жоопкерчилик менен мамиле кылуусу зарыл. Жапондор деле биздей эле эки колу, эки буту бар, башы кара адамдар. Эч бир айырмасы же өзгөчөлүгү жок. Бирок биримдик сезими, жамааттык духу аябай күчтүү. Ынтымакта иш алып баруу маданияты жогору жана убакытка аябай так болушат. Айкын максат коюп, ошого жетүүгө аракет кылышат. Бири-бирине баш ийүү сезими, сабырдуу мүнөзү жана ачууга алдырып, мушташып же урушуп кетпегендери таң калдырат. Абдан жардамкөй келишет. Жардам сурасаң, өзү билбесе, башкаларга кайрылып болсо да сураганыңды билип берет. “Тулпар тушунда” дегендей, азыр өнүккөн Жапония тууралуу эч кандай маалымат жок кезде кыргыздар чоң каганатты негиздеген. Кыргыздардан улуу адамдар чыккан. Кезинде Санчы сынчы “бара-бара майдаланып кетпесек экен” дептир. Кудай ошондон сактасын.

**– “Жапон кереметинин сыры” аттуу чыгармаңызда Жапонияда унутуп калган буюмуңду бир күндөн кийин кайра барып, ордунан таап алсаң болот деп жазганыңыз бар эле. Кыргызстанга туристтер көбүрөөк келүүсү үчүн биздеги уурулук, тоноо сыяктуу адаттарыбыздан кантип арылабыз?**

– Баарыбыз Кыргызстанга туристтер көп келсе деп тилейбиз. Ошондо өлкөнүн кирешеси көбөймөк, элибиздин жашоосу оңолмок деп ойлойбуз. Бирок баары пейилге жараша болот. Эгерде өлкөбүзгө туристтер көп келсин десек, анда аларга жакшы мамиле кылуу абдан маанилүү. Анткени адам баласы эң биринчи кезекте өзүнүн өмүрүн, ден соолугун, коопсуздугун ойлойт. Туристтердин баары “Бир өлкөгө барсам тоноп кетпейби, уруп-сокпойбу, зыян келтирбейби?” деп баш катырат. Кайсыл жерде коопсуздук сакталса, ошол тарапты көздөй агылып барат. Ошондуктан алардын жашоосуна, ден соолугуна, байлыгына эч кандай коркунуч жаралбагыдай система түзүү зарыл. Бул нерсе бир гана милициялардын кыла турган иши эмес. Буга бүтүндөй коомдун жардам берүүсү шарт. Мисалы, жакында учакта эле буюмдарымды уурдатып жибердим. Базарда болсо да бир жөн эле. Учактын ичинде булгаары баштыгымдагы телефонум, үйүмдүн, унаамдын ачкычтары, акчам, флешкадагы жазып бүтүп калган эки китебим жоголду. Эми ал чыгармаларды ар тараптан издеп топтоп атам. Учактын ичинде ушинтип атса, башка жактарда абал кандай болушу мүмкүн? Мен го кыргызмын, өз жеримдемин, чет өлкөлүк бирөө болсо, эси-көөнүнөн кетпей калат эле.

**– Чыгармачылыгыңызда кандай жаңылыктар бар?**

– “Жапон кереметинин сыры” аттуу китебим экинчи жолу басылды. Анткени суроо-талап болду. 2014-жылы “Ант” деген романымды бүтүргөмүн. Бирок окурмандарга тартуулай элекмин. Сааты чыкса жарыкка чыгаттыр, буюрса. Ошондой эле журналисттер менен болгон сухбаттар жыйнагын да чыгарсам деп жатам. Студент мезгилде күндө он, жыйырмага жакын ыр жазып салчумун. Улам барган сайын сөзгө дагы аябай кылдат мамиле жасап калат экенсиң. Сөзгө терең маани берип, башка ырлардан эмнеси менен айырмаланат, бул тууралуу жазсамбы, жазбасамбы деп ой жүгүртүп каласың. Ошондуктан көп деле ыр жазбай калдым. Жакында Ысык-Көлгө бардым, көлдүн керемет касиети эргүүмө себеп болду окшойт. “Жараткандын аманаты” деген ыр жаздым .Чындыгында, Ысык-Көл – кыргыздын карегинин карагаты. Ал бизге – Жараткандын аманаты эмеспи.

**– Сиз илим-билимдүү жана көптөгөн ийгиликтерди багындырган инсан катары жаштарга түрткү берүү үчүн кеп-кеңештериңизди кошумчалай кетсеңиз? Жаш муун кантип ийгиликтерге жетишсе болот?**

– Эгер жаштар менден кеңеш сураса, жалаң эле билим алып, дене сулуулугуна гана кам көрө бербей, ыйманга, руханий байлыкка да көңүл бургула демекмин. Ошондой эле бул жашоодо эмнени каалаганын так аныктап алуу зарыл. Он жылдан кийин же жыйырма жылдан кийин кайсыл жерде, кандай деңгээлде болууну самаганыбызды билүүбүз шарт. Күн өтө берсинчи, көрө жатарбыз деп жашагандa адам көп нерсеге жетише албайт экен. Арканды узун таштап, план түзүп, өзүңө-өзүң кылган ишиңдин жыйынтыгы тууралуу эсеп бербесең убакыттын берекеси кеткен азыркы учурда көп нерсеге үлгүрбөй каласың. Анан колдон келишинче бирөөлөрдүн жакшылыгына себепкер болуп, адамдардын көңүлүн көтөрүп, бата алуу керек... “Бата менен эл көгөрөт” дейт го.

Маектешкен
НУРКЫЗ ЖУМАБЕКОВА







# Э.Абакиров: “СДПКга кошоматчылык – ага кылынган душмандык”

Шайлоого аттанган партиясын мактабастан гана олуттуу каталарын айтып сындаган адам. Саясий ат салышууга жана Кыргызстандын жакынкы келечегине реалдуу караган жаран. Жаш экономист, каржы системасы боюнча адис жана билим берүү тармагынын меценаты Элдар Абакиров менен болгон маек өтө кызыктуу болгондуктан кыскартуусуз берилди

**– Кээ бир партиялар атаандаштык артыкчылыгы катары “Бизде мамкызматкер же депутат болгон эч ким жок” деген жүйөө келтирүүдө. Журналист же жумушсуз адам болуп жүрүп эле депутат болуп калгыдай саясат оңой нерсеби? Саясат дегенде эмнени түшүнөсүз? Саясатка ушул шайлоодо биринчи жолу аттандыңызбы?**

– Жогорку Кеңешке биринчи жолу аттандык. Буга чейин 2012-жылы Ош, Бишкек жана Нарын шаардык кеңештерине, б.а., үч ирет депутаттыкка ат салышканбыз. Биз ал шайлоолорго 2011-жылдын декабрь айында өзүбүз ачкан “Адилеттүү Кыргызстан” партиясынын катарында катышканбыз. Бир-эки айдан кийин, февраль айында Ошко барып, 100гө жакын адамдан турган тизме түзүп, шайлоого кирдик. 30 күндө 8-9 миң адам менен жолугуп, 4850 добуш алганбыз. Ал шайлоодо “Ата Мекен”, СДПК жана “Замандаш” биригип, 4200дөй добуш алган. Биз болгону 25 күн берилип иштеп, катарыбыздагы адамдарыбыз карапайым элге жакшы таанымал болгондуктан, алардан аша алдык. Биз менен жолуккан элдин 67-70 пайызы бизге өз добуштарын беришкен. Мындан биз адамдар менен баарлашып, эч кандай акча-тыйын же башка нерсе бербей, курулай убада кылбай туруп эле добуш алса болорун көрдүк.

Саясат дегенде биз бийликти түшүнөбүз. Бийлик болсо, адамдарды башкара билүү, азыркы тил менен айтканда, менеджмент десек болот. Бул бир жактан. Экинчи жактан харизма же лидерлик сапаттар деп айтса болот. Адамдар менен мамиле куруп, элге өзүңдүн оюңду жеткизе алышың керек. Эл ал ойду багыт катары кабылдап, артыңдан жүрө алышы керек. Лидерлик дегенде ар тараптуу жетишкен, жашоону терең андап түшүнгөн адам болуусу зарыл. Бири экономика, бири социология, бири ишкерликти, бири эл аралык мамилелерди жакшы түшүнүшү мүмкүн. Кыскасы, жок дегенде бир тармакта адис болуусу керек. Бир нече тармакта адис болсо, андан да жакшыраак.

**– Демек, кесипкөй саясатчы деген жок экен да?**

– Кесипкөй саясатчы жогорудагы нерселерден тышкары түрдүү саясий топтордун арасындагы мамилени жөндөп, жалпы элге багыт берип, артынан ээрчитип кете алган адам десек болот го.

**– Сиз экономист, жаш ишкер катары аздыр-көптүр таанылып калдыңыз. Радиодон, теледен угуп, көрүп турабыз. Жакында саясий сахнага чыккан партиялар деле бул шайлоого аттанышты. Серепчилер “Бардык мамлекеттик менчикти жеке менчик кылуу керек, мамлекет эффективдүү башкаруучу боло албайт” деген сыяктуу радикалдуу ураанды бар партия көп добуш ала албаса да, парламентке депутаттарын өткөрө алганчалык туруктуу электоратка ээ болмок” деп айтып жатышат. Сиздер эмнеге “Адилеттүү Кыргызстандын” катарында шайлоого кирген жоксуздар?**

– Биздин өз партиябыз менен аттанбаганыбыздын негизги себеби – адам жана акча ресурсунун жетишсиздиги. Парламентке аттануу үчүн биздин адам ресурсубуз да, акча ресурсубуз да жетишсиз болду. Экинчиси, тажрыйба. Бизде шаар ичиндеги маселелерди чече алганчалык тажрыйба бар. Мамлекет масштабында болсо, чынында тажрыйбабыз жок. Ошондуктан алдыдагы беш жыл биз үчүн өлкө масштабында тажрыйба ала турган мөөнөт. Азыркы шайлоо да бизге сабак болуп атат. Биз жакшы, сапаттуу нерсе тез курулбайт дегенге ишенебиз. Тажрыйбалуу адамдан тезирээк үйрөнсө болот деген ниет менен СДПКга кирдик. Бирок СДПКны ичинен жаңырта алсак, СДПКга толугу менен кирип кетүүбүз мүмкүн. 20 жылдан ашык тарыхы бар партияга жаңы кан керек деген ойдобуз.

> Адам туура же туура эмес нерсени билип, өз позициясын далилдей алса, аягына чейин туруп башкаларга да ката кетиргенге жол бербеши керек. Айтканыңа, далилдегениңе карабай, туура эмес жакка кетишсе, ал алардын чечими, сен аягына чейин турдуң, алар үчүн жооп бербейсиң

**– Оппозицияда болуу ыңгайлуу да, эмнеге СДПКны тандадыңыздар?**

– “Адилеттүү Кыргызстан” партиясын баары чакырды. Бабанов да, Салымбеков да, Текебаев да, Атамбаев да чакырды. Эмне үчүн Атамбаев деп жатам, себеби Кыргызстанда азырынча идеянын эмес, лидердин тегерегинде чогулган партиялар бар. Эмнеге Алмазбек Шаршеновичти тандадык дегенде, биринчиден, Кыргызстанда беш жыл тынчтык, туруктуулук болуусуна негизги салымы бар. Парламенттеги 5 партия менен тил табышып, 5 жыл иштешти. Өйдө-ылдый болду, бирок алдыга жылыш болду. Мисалы, Кумтөрдүн көйгөйлөргө же туштугубуздагы жол тосууларга, сансыз митингдерге чыккан топтор менен тил табышып жөнгө сала алды. Экинчиден, буга чейинки эки президенттин жакын туугандары бийликке киргизүү деген чоң катасын кайталаган жок. Атамбаевдин



баласы же тууганы бийликке кирип, талап-тоноп, башка бирөөнүн ишин тартып алды дегенди уккан жокпуз. Кыргызстан үчүн бул чоң жетишкендик. Үчүнчү себеп, стратегиялык инфраструктурага, макроэкономикага чоң таасир эткен долбоорлорду аягына чыгарып, жаңыларды баштап атат. Кыргызстандын башка мамлекеттерге болгон көз карандылыгын азайтканга салымы бар. Ушул негизги үч себеп биз үчүн кайсы партия менен кетүүбүзгө чечим чыгарууга жетиштүү болду.

**– Сиз СДПКнын 88-орунундасыз. Депутаттыкка илингенге деле үмүтүңүз жок болуш керек. Шайлоого катышып, жер-жерлерге барып сүйлөп жатасыздар. Сиз элдерди алдап жатам деген ыңгайсыз абалда калган жоксузбу? Себеби Атамбаевдин “кой” дегенине болбой, бюджеттик кызматкерлерге паспорт чогулттурмай, мугалимдер менен окуучуларды сабак учурунда КСДПнын үгүт же массовкасына алып кетмей сыяктуу административдик ресурс колдонулууда.**

– Партия үчүн толук жооп берүү мен үчүн мүмкүн эмес. 15-20 жылда сиңип калган админресурс, кошоматчылык деген оорулардан бир шайлоодо арылыш кыйын экен. Агитатор, координаторлорго жумуш учурунда эч кимди чакырбагыла, каршы болгондорду күчкө салып чогулуштарга алып келбегиле деп айтып атам. Чогулуштарда каалаган партияны тандаганга укугуңар бар, бирок КСДПны тандасаңар момундай программабыз бар деп жатам. Мен депутаттык орунга жетпесимди билем. Биз саясатка байлык же бийлик үчүн бараткан жокпуз. Парламентке отуруп алып адамдарга акыл үйрөткүдөй улгайып калган киши эмесмин. Мен өкмөткө кирип экономиканы, финансыны, ишкерликти, билим берүү тармагында күнү-түнү чуркап, кызмат кылып иштегенге даярмын.

**– Кээ бир саясатчылар КСДПнын "Ишенимдүү тирегиңиз" дегенден башка айтар сөзү жок деп шылдыдап келишет. КСДПнын программасы дегенде сиз элге эмнени айтып бере аласыз?**

– Биз Президентти колдогон, парламентте анын таянган күчү болгон партиябыз деп ачык эле айтып атабыз. 2013-жылы "Өлкөнү 2017-жылга чейин туруктуу өнүктүрүү" программасы кабыл алынган. Биз ошол программаны колдойбуз жана аягына чыгарганга чуркайбыз деп түшүндүрүүдөбүз.

**– КСДПдан аттанып аткан акылдуу, активдүү, күчтүү журналист Аида Касымалиева 120 депутаттын 30дайы жаш жана таза адамдар болот деп айтты. Алар ар кайсы партиялардан болот. Ошол эле учурда мисалы, Кумтөрдүн мөңгүлөрүн талкалоо боюнча мыйзамды КСДПнын депутаттарынын дээрлик бардыгы колдогон. Ушундай принципиалдуу маселелерге келгенде жаштар партиялык диктаттан чыгып, өздөрү каалагандай добуш бере аларына ишенесизби?**

– Диктаторду диктатор кылган анын тегерегиндеги адамдар. Анын буйругун аткарбасаң, "Мен сени депутаттыктан чыгарам" деши мүмкүн. Бирок чыгарганга акысы жок. Сен депутаттыкты жоготкондон коркпосоң, диктатордон коркпойсуң. Адам туура же туура эмес нерсени билип, өз позициясын далилдей алса, аягына чейин туруп башкаларга да ката кетиргенге жол бербеши керек. Айтканыңа, далилдегениңе карабай, туура эмес жакка кетишсе, ал алардын чечими, сен аягына чейин турдуң, алар үчүн жооп бербейсиң.

**– Акыркы жылдары бийликтин айтылган сөзү менен кылган иши дал келе баштады десек болот. Бул шайлоо сиздин оюңузча жаңылануунун башыбы, ортосубу же аягыбы?**

– Эми муну шайлоо чечет. Башы эмес, ортосу же аягы болот. Ортосу дегенде, КСДП парламентте коалиция түзө алса, реформаларды, 2013-2017-жылкы стратегияны аягына чыгарышы мүмкүн. КСДП өтпөй же коалицияны түзө албай калса, башка партия келип коалиция түзүп, башка программаны кабыл алышы мүмкүн. Анда бул азыркы иштердин аягы болуп, башка иштердин башталышы болушу мүмкүн. Алмазбек Шаршенович барган жеринен эле шайлоо таза болорун, каалагандар анын жыйынтыгын кааласа он жолу текшерсе болот деп айтып атат. Азыр мурунку 120 депутаттын 92си кайра шайлоого аттанып атат. Алардын бир нече пайызына кылмыш иши козголгон. Алар үчүн бул шайлоо өтө маанилүү. Эгер өтсө, кол тийбестикти колдонуп буга чейин кылып келген иштерин уланта беришет. Өтпөй калса, көбүнө иш козголуп, соттолуп да кетиши мүмкүн. Ошону үчүн алар "ва-банк" кетип, миллиондогон сомду таратып атышат. Демек шайлоочулар алданса да, алданбаса да өздөрүнө жараша бийлик келет.

**– Биздин укканыбыз боюнча элдин негизги ою "Эгер бир партия акча берсе ун, көмүр алабыз, ошол партияга салабыз. Эгер эч бир партия акча бербесе, КСДПга салабыз" сыяктуу болуп жатат дешет. Элди кыдырып, көрүп атасыз элдин пикири кандай?**

– Сиз айткандай эле болуп атат.



Элдин үч-төрт катмары бар десек болот. Бир бөлүгү акча албайт, сүйгөн партиясы бар, ошону эч нерсени карабай колдойт. Кээ бири "суу чыгарып берди, жолдун тешиктерин бүтөп, фонарь илип же чөнтөккө миң сом салып койду, ошол партияны колдойлу" деп колдоп коюшат. Мындай добуштарды алган саясатчы психологиялык жактан элдин алдында өзүн милдеттүү сезбейт. Шайлоочунун үчүнчү түрү өзүн да, башкаларды да алдаган эки жүздүү адамдар. Акчасын алып коё берет, бирок каалаган партиясына салат.

**– КСДПнын дагы бир электораты бар экен. Алар "КСДПны жакшы көрөм, колдойм, ал керектүү добушту баары бир алат, бийликке келет. Ошондуктан досумдун же тууганымдын партиясына салып коё берейин" дешет экен.**

– Мындай ой менде деле кетчү. Бирок үгүт иштерине катышып көрүп, шайлоо таза өтөрүнө ишенип атам. Ошондуктан КСДП өтпөй же аздык позицияда өтүп деле калышы мүмкүн. Азыр эл такыр башкача. Админресурс колдонуу тетири натыйжа бериши мүмкүн. КСДПга кошоматчылык кылам дегендердин эң чоң катасы ушул. Керек болсо, муну КСДПга душмандык десек да болот. Мен башында шайлоонун үгүт иштерине тажрыйба, жеке пиар үчүн киргем. Мына бүгүн үгүт иштеринин 25-күнүнө келдик. Мен бир нерсени түшүндүм. Эски күч менен жаңы күчтүн тирешүүсү башталды. Бийликке келип мурункудай кенен-кесир ичип-жейм, жеке бизнесимди өстүрөм деген жеке кызыкчылыктары барлар менен таза карьера, кызмат кылам деген жаңы күчтөр. Бул жерде мен адамдардын жаш курагын айткан жокмун, жаңы күчтөр деп атам. Ушундай акыркы категориядагылар көбүрөөк өтсүн деп, акыркы беш күн катуурак жүгүрө баштадым. КСДПны көбүрөөк тааныган сайын бул партияда жаңы күчтөр көп экенине көзүм жетти. Мен 25тей жаш инсандар менен жолуктум. Алардын 5-6оо КСДПнын тизмесинин алдында, калганы 50-60-орундардын тегерегинде. Мен КСДПнын жаңылана аларына 20-25 күндөн кийин ишендим. Азыр көбүрөөк жаңыланган партияга кошулупмун деп кубанып атам.

Маектешкен
ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# М.Аскарбеков: "Акчага балдарыбыздын келечегин сатпайлы"

Саясатка аралашып, жаңыча ой жүгүрткөн жаштардан учубуз куру эмес. Алардын бири "Эркин эл" партиясынын лидери жана "Жаңы муун" саясий кыймылынын мүчөсү Мавлян Аскарбеков менен парламенттик шайлоо жана үгүт иштери тууралуу маектештик

**– Мавлян мырза, «Жаңы муун" саясий кыймылы менен "Ата Мекен" партиясынын кызматташуусунан майнап чыктыбы?**

– Биз "Ата Мекен" партиясы менен атайын келишимдин негизинде иш алып баруудабыз. Жалпысынан үч багытта иш-мердүүлүк жүргүзүүдөбүз. Биринчиси, бийликти басып алууга жол бербөө жана демократиялык баалуулуктарды жайылтууга салым кошуу. Экинчиси, кыргыз элинин кен байлыктарын жана стратегиялык объектилерди сактап калууну көздөйбүз. Алардын арзан баада сатылуусуна жол бербөө. Үчүнчүсү, саясий аренаны сапаттуу жаңылоо, жаңы муундун саясатка аралашуусуна шарт түзүү болуп саналат. Өмүрбек Текебаев менен сүйлөшүүлөрдөн кийин ушундай чечим кабыл алганбыз. Эмне себептен "Ата Мекен" партиясын тандадык? Анткени бул партия 24 жылдан бери акыйкаттуулук, мыйзамдуулук жана элдин кызыкчылыгы үчүн күрөшүп келе жатат. Биздин кен байлыктарыбыз, сууларыбыз, ыйык жерлерибиз сатылып жатканда "Ата Мекен" партиясы гана каршы турган. Бир дагы партиянын лидерлери азыркы жана мурдагы бийликке каршы сүйлөй албайт. Көбүнүн кызыкчылыгы акча жана ишкердүүлүк деп билем. Азыр көпчүлүгү түрдүү убадаларды берүүдө. Бирок олуттуу өзгөрүүлөрдү сунуштаган эч ким жок болуп жатат. Ал эми "Ата Мекен" партиясы бизди тизмесине киргүүгө сунуштады. Ошентсе да кирген жокпуз. "Жаңы муун" саясий кыймылы бийликке жетүү үчүн "Ата Мекен" партиясын тандады деген сөздөр чыкпасын деген ойдо мындай кадамды таштаган жокпуз, биздин максат бийлик эмес. Негизги мүдөөбүз жашообузду өзгөртүү менен бирге элдин байлыгын сактоо болуп саналат. Эл качан гана ишеним артканда олуттуу реформаларды жасап, бийлик бутактарында иштейбиз.

**– Азыр шайлоого катышып жаткан партиялардын арасында жаштардын өкүлдөрү да бар. Алар калыптанып калган мамлекеттик түзүлүштү оңдогонго же өзгөртүүлөрдү киргизүүгө дарамети, күчү жетет деп ойлойсузбу?**

– Азыр Жанар Акаев, Лунара Мамытова баш болгон журналисттер, ырчылар саясатка аралашууну көздөп жатышат. Бул жакшы көрүнүш. Аларга ийгилик каалайм. Бирок жаштардын дарамети, максаты кандай экенин убакыт көргөзөт. Жаштар кандай жол менен болсо да бийликке умкашып, партияга кирип, депутат болууну максат кылып жатышабы же акыйкаттуулук, чындык үчүн, мамлекетибиздин кызыкчылыгы үчүн күрөшүүнү көздөштүбү? Баары эртең эле белгилүү болот. Себеби жакын эле аралыкта чечим кабыл алууда, добуш берүү учурларында кимдин ким экени такталып калат. Чындыгында ушул чакырылыштагы парламентке бир топ жаштар келген. Алардын кээ бирлери үн катпай жүрүп, акырында бийликтин колтугуна кирип, бүгүн кайра Жогорку Кеңешке келүүгө аракет кылып жүрүшөт. Жаштар мамлекетте реформаларды ишке ашырууну көздөгөн күчкө айланып, өзүнүн чөнтөгүн ойлобой, өлкөбүздүн кызыкчылыгын коргогону шарт. Биз кечээки коррупционерлерге кошулуп, алар менен табакташ болуп алсак, Кыргызстандын тагдырына балта чабылат. Чындыгында, эл жаштарга ишенип турат.

*Уландысы 10-бетте*



# Кокого жеткен үгүттөө

Кыргыз Өкмөтү 4-октябрды парламенттик шайлоо деп белгилеген күндөн тарта партиялар арасында тирешүү күчөп, үгүт иштери кызуу башталган. Бул жарышка аттанган партиялардын айрымдары ээн-эркин үгүттөө жүргүзсө, аттуу-баштуу аталган кээ бир партиялар өздөрүнүн кызмат абалынан пайдаланып, кол топтоп жаткан маалы




ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Ушул жылдын 4-октябрында өтө турган парламенттик шайлоого эки күн гана калды. Буга ылайык үгүттөө иштери күчөп, "Биз өлкөнү өнүктүрөбүз", "Биз куру убада бербейбиз", "Биз бул учурга чейин жөн жүргөн жокпуз, бул иштерди кылдык", "Биз эл камын ойлойбуз" деген жана башка сөздөр сыналгыдан, радиодон байма-бай айтылып, плакат, календарлар илинип, атүгүл үй даректерине чейин жеткизилип жаткан маал. Мындай кызуу тирешүте партиялар эмне кылып болсо да озуп чыгып, бийликке келүү үчүн түрдүү аракеттерди кылууга даяр. Айрымдары Жогорку Кеңештин босогосун аттабай жатып, бийликти колдоруна алып алгандай түр көрсөтө да баштады. Ал эми аты чыгып, эл оозуна алынып калган кээ бир партиялар мамлекеттик мекемелерге өтүп, ал жакта иштеп жаткан кызматкерлерди жумуш убактысынан бөлүп, мажбурлоо иретинде кол топтотууга өттү.

Бизди жумуштан алып салышы мүмкүн деп өз аттарын айтуудан коркуп, башка ат менен кайрылышкан мамлекеттик кызматкерлер төмөнкүлөргө токтолушту:

### Бул жоругунан көңүлүбүз калып, шайлагыбыз дагы келбейт

Дарыгер Жылдыз айым: "Шайлоо күнү белгиленгенден баштап эле бизде тынчтык жок. Өзгөчө сентябрдан баштап, жумуштан алагды болуудабыз. Жогорку тараптан атайын буйрук келип, белгилүү эле бир партияга бизди үгүтчү кылып, 20 адамдын колун топтогула дешти. Эң кыйыны, шайлоо алдында баары бирден партияга кирип алышып, паспортторун бербей калышат экен. Улам келген бейтаптарга, тууган-туушкандарга жаман көрүнүп, кол топтоп жаткан маалыбыз. Көңүлүбүз жумушта эмес, кантип адам тапсам экен деп калдык. Эң жаманы, иштеп жатканда партия чогулушуна келгиле дегендери болууда. Ушул партияга шайлайсыңар деп айтышкан, мен шайлоо күнү кайсы партияга добуш беремимди ойлонуп көрөм,"– дейт ачууланган дарыгер айым.

Өз ысымын атоону каалабаган шаардык мектептердин биринин мугалими мугалимдер үгүттөөгө кеткенде окуучулар кароосуз калууда дейт: "Мен өзүм мектептердин биринде мугалим болуп иштейм. 4-октябрда боло турган шайлоого карата жүргүзүлүп жаткан үгүт иштери туура эмес жүрүп жатканына күбө болуп жатам. Бул партия бизди агитатор катары окуучуларыбызды массовкага милдеттүү түрдө эле кыйнап, автобустарга салып, чогулуштарына алып кетүүдө. Бул учурда ыңгайсыз абалда калуудабыз. Биз бул партиянын мындай жоругунан кийин көңүлүбүз калып, шайлагыбыз дагы келбей калды".

### Паспорт топтотуп шай оодарды

10-классынын окуучусу Айдана кыргыз тил эжебиз агитатор болгондуктан, сентябрдан баштап сабак өтө элек дейт: "Үгүт иштери окуу күнү башталып, мектепке барсак мугалимдерибиздин көбү жок экен. Сабактарыбыздын күн тартиби коюлганы менен бирде болот, бирде болбойт. Ал эми кээ бир эжейлерибиздин сабактары эч эле өтүлө элек. Класс жетекчибизден сурасак, ал агитатор болуп жүрөт деди. Эжейибиз өзү да биринчи мектепке барган күнү эле ата-энелерибиздин паспортторун алып келгиле деп тапшырма берди. Эртеси 23 окуучу болуп, бардыгыбыз паспортторун бердик".

Дагы бир мектепте мугалим болуп иштеген Калымбүбү айым бизди болушунча кыйнап жатышат дейт: "Окуу башталганда эле окуучуларыма, алардын ата-энелерине жаман көрүнүп бүттүк. Атайын жогорку тараптан келген буйрук деп, бизди минтип кыйнап кол топтотуп жаткан партия туура эмес кылып жатат. Баары добушун акчага сатабыз деп, добуш бербей да калышкан. Айла жок минтип окуучуларыбыздын ата-энелеринин паспортторун сурап жатабыз. Болбосо ким эле бизге 20 адамдын паспортун берсин," – деди Калымбүбү мугалим.

Өз ысымын атоону каалабаган электрик мырзанын айтымында, алар топтоп берген адамдар айтылуу партияга шайлабаса, жаза алышарын айтат: "Биздин коллективдин ар бир кишисине 15 адамдын паспортун алып келесиңер деген тапшырма берилген. Белгилүү эле бир партиянын мындай аракети элдин кыжырына тийип баштады. Кайсы эле адам ушунча кыйналып алып, ошол партияга шайласын. Кечке чейин иштеп, кайра кол топтоп айлабыз кетүүдө. Ишеничтүү болсун деп туугандарыбызды эле жазып жатабыз".

Элди кыйнап, мыйзамды бузуп, кол топтотуп жаткан партиялар туура эмес үгүт иштерин жүргүзүп жаткандарынан кабардар болсо керек. Ачууланган эл шайлоо күнү кимге добуш берерин мындай үгүт иштеринен кийин катуу ойлонуп калар. Өз барктарын шайлоого чейин эле түшүрүп алган бул партиялар туура үгүт иштерин колдонушса жаман болбос эле.

# М.Аскарбеков: "Акчага балдарыбыздын келечегин сатпайлы"

*Уландысы, башы 9-бетте*

**– Шайлоого катышкан партиялардын катарында көпчүлүгү мурдагы саясатчылар экени белгилүү. Тактап айтканда, бүтүндөй бир командага топтолгондор да барбы?**



– Бул нерсе чындыгында өтө өкүнүчтүү жагдай. Түзүлгөн кырдаалды "Бир бол" партиясынан Жогорку Кеңешке талапкер Лунара Мамытова менен дебатка чыкканда да жогорудагы маселеге токтолдум. Мисалы, 11 профессионалдардын командасы деп жатышпайбы, чындыгында алар ууруулардан түзүлгөн топ десе да болот. Баарына кылмыш иши козголгон. Акылбек Жапаров 2010-жылы Таластан качып келгени жалган беле? Ал Акаевдин, Бакиевдин учурунда да Каржы министрлигин жетектеп турган. Кайсы бийлик болбосун жолун таап, аткаминер болгондордун баары эле шайлоого баратат. Ушундай элдин эмгегин жеген адамдарды камоо зарыл. Аларды саясатка аралаштырууну кажети жок. Мүлкүн толугу менен мамлекетке өткөзүү шарт. Элдин, мамлекеттин байлыгын уурдап, карапайым калың журттун акчасынан байыгандардан арылмайын, журтубузда акыйкаттык өкүм сүрбөйт. Өмүрбек Текебаев гана 2019-жылы "Ата Мекен" партиясынын лидерлигин жаштардын бирөөсүнө өткөрүп берип, саясаттан четтейм деди. Мындай сөздү башка саясатчылардын эч кимиси айткан жок. Эмгек өргүүсүнө чыккан саясатчылар да шайлоого аттанышты. Беш жыл депутат болуп жүргөндөрдүн ичинен 92си ар кандай партияларга мүчө боло калып, кайрадан эл өкүлү болсок деп жүрүшөт. Эң өкүнүчтүүсү, 250гө жакын талапкерге кылмыш иши козголгон анык болду. Ушундай адамдар саясатта жүрсө, бизде кандай ишеним болот?

**– Учурда үгүт жүргүзүү учурунда талапкерлердин баары туугандар жерине барып, уулуңарды же кызыңарды колдоп койгула деп, жердешчилик түшүнүгүнө таянып, добуш топтоонун үстүндө иш алып баруудабы?**

– Ооба, бүгүнкү күндөгү абал, жагдай ушундай. Менимче, онжыйырма жыл аралыгында элдин түшүнүгү өзгөрөт. Эл да уруучулук, жердешчилик көрүнүштөрүнүн терс таасирин керт башы менен сезүүдө. Азыр кимдин ким экенин баары түшүнүп калды. Ар бир жаран "Жердешим ууру же коррупционер болгонуна карабай колдой беремби? Андан көрө билимдүү, өлкөнүн тагдырын өзгөртөм деген жаш адис бар экен, ушундай адамдарды шайласам, менин жана балдарымдын келечегин өзгөртөт" деген ой менен добуштарын берген күн да келет. Биз эл менен жолугуп, Кыргызстандын булуң-бурчуна чейин кыдырып келдик. Эл-журтка кичине акчага балдарыбыздын келечегин сатпайлы деп айтып жүрдүк. Тилекке каршы, саясаттан пайдаланып, акча табуунун жолун таап алган адамдар да бар. Бирок калктын көпчүлүк бөлүгү, калың эл мындай нерселерден тажап калды. Ошентсе да, жарандардын добуштары туура саналабы? Ушул нерсе эң маанилүү. Биометрика деп, элдин да башын айлантышты. Бул багытта да кемчиликтер кетүүдө. Негизи жаңы технологиялардын жардамы менен шайлоо өткөрүү демилгеси жакшы нерсе. Кандай болгон күндө да элге мүмкүнчүлүк берсе, туура тандоо кылат деген ойдомун. Эки жолу төңкөрүштү баштан өткөрдүк. Бирок көп тармакта өзгөрүүлөр болгон жок.

Маектешкен
НУРКЫЗ ЖУМАБЕКОВА

# Жаштайынан чоочун болгонду өзгөртүү кыйын



Кыргыз элинин жаңы мууну үчүн күйгөн, ойлонгон, жанын бергенге даяр, адамдардын жаман жолго, туура эмес диний агымдарга кирип кетпеши үчүн күрөшкөн ИИМдин 10-башкы башкармалыгынын жетекчисинин орун басары Раим Салимов менен Кыргызстандан Сирияга кетип жаткан жаштар жөнүндө баарлаштык



Учурда өлкө боюнча диний экстремисттик жана террористтик көз караштагы колдогон 1866 адам каттоодо турат. Раим агай бизге интервью берүү үчүн Оштон командировкадан келип, үйүнө барбастан түз эле жумуш ордуна келген. Күн-түн дебей иштеген жетекчи өзү да катуу чарчайт, кол алдындагылардан дагы өзүндөй иштөөнү талап кылат. Ошондуктан алардын дагы ашыкча убактылары жок. Бизге дагы араң убакыт бөлгөнгө жетишишти. Маалымат өтө көп жана маанилүү болгондуктан, бардык суроолорубузга орун бере албадык.

### Интернет булактарын жоопкерчиликке тарта албайбыз

Биз башынан муфтият, казыят, имамдар жана жергиликтүү бийлик менен бирге иш алып бардык. Ушул убакка чейин бул уюмдар менен бирге 400дөй тренинг, семинарларды өттүк. Иштин жыйынтыгын 2015-жылдын аягында билдиребиз. Натыйжа бар, бирок бул бизди канааттандырган жок. Биз ар тараптуу ишти күчөтүшүбүз керек. Социалдык тармак боюнча бизде Кибер бөлүмү бар. Бул бөлүм Сирия туралуу маалыматтарды көзөмөлдөөгө алат. Интернет булактарында тетири үгүт боюнча жоопко тартууга мыйзам жок. Биз Жогорку Кеңешке маалыматты тараткан адам жоопко тартылышы керек деп сунуштарды киргизип атабыз. Андай кылбасак болбойт. Анткени социалдык тармактар аркылуу көп кишилерди Сирияга алып кетүүдө. Мындай мыйзам башка өлкөлөрдө бар.

### Виртуалдык имамдар Сирияга алып кетүүдө

Кичинекей балдар инсандыгы калыптана элек эле Сирияда согушту көрүп атат. Аларга эч нерсени айтып кереги жок. Анткени согуштун арасында жүргөн 2–5 же 10 жаштагы баланын аң-сезими өзүнөн-өзү эле алмашат. Экстремисттик, террористтик уюмдун даяр өкүлү болуп чыгып атпайбы. Эртең булар чоңоюп, ошол мамлекеттин паспортун алабы же жасалма паспорт менен келеби, аны биз билбейбиз. 5 жаштан мындай чөйрөдө чоңойгон баланы кайрадан тарбиялап алам деп ойлосоңор, анда адашасыңар. Бул баланын көз карашы таптакыр башкача болуп калат. Бул жакка өзүн жардырганга, башкаларды азгырганга даяр адамдар келет. Биз билбей калабыз. Билген убакта дагы кеч болот. Булар кичине балдарды Сирияга алып кетип жаткандыгынын себеби ушул. Аларды интернетте бири-бирибиз менен бөлүшүп, өзүбүз бекер реклама жасап жатабыз. Биз бир тасма боюнча бир сайт менен көпкө чейин соттоштук. Булар бүгүн интернет аркылуу катуу чабуул жасоодо. Көптөгөн виртуалдык имамдар жарандарды үгүттөп, Сирияга алып кетүүдө. Бул нерселердин баары идеологияга келип такалып жатат. Террористтер идеология менен иштеп жатат. Учурда жалдамчылыкка 10 жылдан 15 жылга чейин берилет, бул аз. 25 жылдан өмүр бою бериш керек. Согушта жүргөндөрдүн баарын жарандыктан ажыратуу керек. Мыйзамды катуу кылыш керек. Бул Сирияга кетип жаткан адамдарды азайтуу боюнча бир багыт. Бирок биз бир эле жазаны күчөтүү режими менен оң жыйынтык ала албайбыз. Булар көп кишини идеология менен алып кетип атат. Ошону үчүн биз идеология менен согушубуз керек. Ислам эмне экенин, жасалма ИШИМ эмне экенин биз элге түшүндүрүшүбүз керек. Сирияга барганда эмне болот, кандай болуп атат. Ушунун баарын туура жеткиришибиз керек. Муну Коопсуздук кызматы менен ИИМ гана кыла албайбыз. Биз аким, жергиликтүү кеңеш, муфтият, казыят менен иштешебиз, бирок бул аз. Элди чакырып сүйлөп коюп кете бербестен, алар менен тыгыз иштеш керек.

### Сирияда 122 кыз-келин бар

Сирияга кетип кайра келгендер 2012–2013-жылдары байкала баштады. Биз ошол учурду өткөрүп жибердик. Оперативдик маалыматтар боюнча өлкөдөн 45 адам каза болду. Учурда Сирияда 122 кыз-келин бар. Булардын ичинен 63 үй-бүлөнүн 2ден 7 ге чейин балдары бар. Алардын 83ү балакатка толо элек балдар. Бүгүнкү күнгө чейин Сириядан 20дан ашык адам келген. Биз коопсуздук кызматы менен биргеликте алардын үстүнөн оперативдик иштерди жүргүзүп атабыз. Сирияга кетүүнүн ондон бир себеби – социалдык көз карандылык. Кара-Суудан Умида деген келин 4 баласы жана дагы бир келин 2 баласы менен Сирияга кетейин дегенде кармадык. Аларга түшүндүрүү иштерин жүргүзгөнбүз. Тергөө иштери бүткүчө үйүндө эле боло берсин деп кой берип койсок, экинчи жолу Сирияга кетейин деп атканда Кара-Балтадан кармадык. Булар Казакстан аркылуу Бакуга, андан Турцияга, анан Сирияга кетмек экен. Сүйлөшүп отуруп акырында Сирияга эмнеге кеткенин төмөнкүчө айтып атат: "Күйөөм Кореяга кетти, бир тыйын дагы жибербейт. Кайненем күндө ыплас сөздөр менен сөгөт. Балдарымдын тамагы жок. Эшикке чыкпасам деле сен тигиге барасың, буга барасың дейт. Күйөөмө чалсам, ал Кореядан башка аял алып алган. Анан мен эмне кылышым керек эле дейт. Анан мага Сирия жөнүндө айтып калышты. Кийим-кечек алып беребиз дешти. Анан мен макулдугумду бердим. "Көп кишилер жоолук салынгандарга көңүл бурушат, ошондуктан Европа стилинде кийингин" деп айтышыптыр. Өзүңө көп көңүл бурдуртпа. Балдарыма Турциядагы медереседен билим беребиз деп айтышкан". Күйөөсү келип, эми жашап атышат. Биз паспортторун алып койгонбуз. Ишеним күбөлүгү, паспорттун баары жасалма болуп берилген. Москвадагы Казан вокзалынан 5–10 мүнөттө паспорт жана башка документтерди акчага жасатса болот. Мындай окуялар көп.

### Сирия бүт өлкөнүн көйгөйү болуп атат

Бүгүнкү күндө бул бир гана Кыргызстандын оор көйгөйү эмес. Бул бардык өлкөлөрдүн көйгөйү болуп атат. Министрликтердин деңгээлинде саммиттер болуп атат. Ушулардын негизинде пландар түзүлүп, планга кол коюлуп, чогуу иш алып барып жатабыз. Тажиктер менен көп жолуктум. Аларда дагы бул көйгөй абдан катуу. Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан менен мамилебиз абдан жакшы. Оперативдик иштерди жүргүзүү учурунда күйөөсү: "Эки балам менен аялым Сирияга учак менен жихадистка болуп кетип баратат" деген маалымат алынган. Биз Орусия менен байланышып, алар анын жубайын кармашып, интернетке чейин чыгып кетти. Ал үйүнөн дарбазасынын сыртына чыккан эмес. Анын идеологиясын социалдык тармак аркылуу эле өзгөртүп коюшкан экен. Биз мындан дагы күчтөндүрүлгөн режимде иштешибиз керек.

### Экстремисттерге өзүнчө борбор жана түрмө ачыш керек

Азыр бир күндө кээ бир чек аралар аркылуу 40–50 миң адам өтүүдө. Балким 40 миң кишинин арасынан ИШИМ кичинекей балабы, чоң адамдарбы, айтор өзүнүн миңдеген кишисин качкын сыяктуу кылып жөнөтүп жаткандыр. Биз реабилитациялык борборлорду ачышыбыз керек. Ал борбордо Сириядан келген, кетип аткан, динди туура эмес түшүнгөн кишилер менен күчтүү кесипкөй психолог, теолог жумуш алып барса жакшы болмок. Мал уурдаган, адам өлтүргөн жана террорист бул үчөө таптакыр башка кишилер. Булардын аң-сезимин өзгөрткөнгө көп убакыт керек. Ошондуктан биз реабилитациялык бөлүм ачышыбыз керек. Бүгүн кылмышкерлер менен террористтерге биз өзүбүз мүмкүнчүлүк түзүп берип атпайбызбы. Балким китепчелерди атайын үйүнө жыйып, түрмөгө отурайын дейт. Түрмөгө кирип алып, түрмөдөгүлөрдү вербовкалаган оңой болуп атпайбы. Жазасын тартып жаткан кылмышкер намаз окуйт, ар кандай туура эмес китептер менен таанышат. Түрмөгө бир экстремист кирет, 4–5 экстремист чыгат. Экстремист менен террористтерге өзүнчө түрмө ачуу керек.





### Диний окуу жайларды көзөмөлгө албасак болбойт

Бүгүнкү күндө көп жарандар Египет, Иордания, Сауд Арабиясына барып билим алышууда. Бул студенттерге көзөмөл жок. Муфтиятта чыгып кеткен студенттер каттоодо болушу керек. Азыр мындай каттоо жок. Студенттер окуу жайга деп кетишет. Жеке курстарда салафи булагына кирип кетет. Ошондо ал адам өз мекенине идеологиясы таптакыр башка болуп кайтып келет. Бул себептен улам дин окуу жайларын көзөмөлгө албасак болбойт.

Маектешкен
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# 2015-жылдын мыкты табылгалары

Дизайнерлер тарабынан ойлоп табылган буюмдар жашообузду жеңилдетип, ыңгайлуулукту тартуулап келет. Жыл сайын алардын чыгармачылыктары өзгөчө идеялардагы нерселерди жаратып, адамдарды таң калтырат. Бул жылы да бул адамдардын колунан кандай буюмдар жаралганына чогуу көз салсак

## Аталар үчүн ээр

SaddleBaby – атасынын моюнунда олтурууну жактырган жаш балдар үчүн ыңгайлуу буюм. Ал эми аталар бөбөктөрүн олтургузуп алып, колдору бошоп, башка жумуш жасай алат.



## Алмаштырууга мүмкүн болгон такалуу туфли

Эми айымдар бир убакта эле жалпак бут кийимдерин бийик такалуу туфлиге алмаштыра алышат. Бул кереметтүү туфлилердин бир канча түгөй такалары бар. Айтылуу буюм дизайнер Таня Хиттин колунан жаралган.



## Моюндагы кичи бакча

Табиятты жактыргандар үчүн дизайнер Колин Джордандан өзгөчө жасалгалар. Кичинекей вазалар 3D принтеринде басылып, тирүү гүлдөр атайын азыктуу топуракта өсөт. Бул нерсени моюнга аксессуар катары тагып же жумуш ордуна коюп койсо болот.



## Эскертүүчү сааттар

Айтылуу буюмду ойлоп тапкандар адамдарды токтотуп, учурду убагында билип, баалоого үйрөтөрүн айтышат. Жебе жана сандар болсо, убакыттын тез өтүп жатканын айтып, адамдарды шаштыра берет.




## Жаздыктар менен согушуу үчүн

Дизайнер Брайан Ку жаздык менен согушуп ойноону жактыргандар үчүн атайын согуш куралдарындай формадагы жаздыктарды жасап чыкты. Граната, ай балта, найза жана башка түрдөгү жаздыктарды магазиндерден табууга болот.



## Оймо-чиймелүү үбөлүк

Тамак жасоону жактырган айымдар үчүн өзгөчө буюм. Бул үбөлүктөр менен түрдүү чиймелүү таттууларды жасоого мүмкүн. Vatek компаниясы тарабынан жасалып чыккан.



## Сфера-ванна

Бул ажайып ванна адамдардын сезимдерин бирде сууда жүргөндөй, бирде асман менен жерде учкандай абалга алып келет. Эффективдүү ваннаны Санкт-Петербургдук дизайнер Александр Жуковский ойлоп чыккан.



Бетти даярдаган ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Сейитбек: “Атамды 8 жашымдан үйлөнгөнгө чейин ээрчидим”



Быйыл “Жылдын мыкты оюнчусу” наамын алган Анарбек уулу Сейитбек жана жубайы Айпери жеңе улакчылык өнөр жана үй-бүлөлүк жашоолору тууралуу кызык маек куруп беришти

**– Алгач сөздү алтындай балалыгыңызга бир кылчайып, наристе кезиңиз тууралуу кеп баштап берсеңиз. Болочок улакчы кенедейинде кандай балакай эле?**

– Кичинемде жоош эле бала болчумун. Сабакка түз барып, түз келчүмүн. Бала кезимде кичинекей мүшөк менен улак жасап алып, талаада мал жайып, өзүм курактуу балдар менен улак тартчубуз. Эшектерибизге да ат коюп алар элек. Менин эшегимдин аты Секирчек болчу, секирчү да, ошого Секирчек деп коюшчу. Кичинекей кезимде ыраматылык атам, агаларым мени улакка көп ээрчитти. Аларды көрүп, мен да ушундай улакчы болсом экен деп үмүттөнүп, качан ипподромго барып улак тартат болдум экен деп кыялданчумун. Бизде жер улак деп коёт, жерге казык сайып коюп, ошого тартышат. Ошолорду көрүп, мен да силердей улакчы болом деп, кыштын суугуна карабай, мурдубузду агызып алып, алардын артында отуруп жүрө берчүбүз. Атам жана агаларым мага көп нерселерди үйрөтүшчү. Анан бара-бара чоңоё баштадык. Байкелерим менен эки жакка чыга баштадым. Командалык улакты эң биринчи Жалал-Абадда Сузактын 90 жылдыгында тарттым. Кубанычбек Имановдун командасында атам капитан болчу, мен коргоочу болуп баргам. Жалал-Абаддан келерим менен эле биякта жаштардын оюну болду. Ошентип, кичине болсо да даражабыз өсө баштады. Командалардан чакырыктар келип, барып тартып жүрдүк, азыр “Талас” командасында ойнойм.

**– Быйылкы жылдын “мыкты оюнчусу” деп табылдыңыз, куттуктайбыз! Атаңыз убагында атактуу улакчы болгон экен, сиздин ушул деңгээлге чыгууңузга ал инсандын орду канчалык? Атаңыздан сизге кайсыл сапаттар өттү?**

– Атамды 8 жашыман баштап аял алганга чейин ээрчидим. Атамды Андрей деп коюшчу. Балдар менен улак тартып атканда мен Андреймин дечүмүн. Улакчы болушума атамдын салымы абдан чоң. Мени ошол киши улакчы кылды. Атама эл окшоштурбаса, өзүмдү-өзүм окшоштура албайм. Атам өзү чынчыл киши эле. Утулсак да, утсак да ошого ыраазы болчу. Кээ бирөөлөрдөй болуп, аябай эле адыраңдачу эмес. Мен улак тартып атсам келип, “Айланайын алтыным” деп кыйкырып, мага аябай жан тартчу экен. Мен оюнда болуп укчу эмесмин, көргөндөр атаң сага аябай жан тартты деп айтышчу. Атам жаш өтүп кетти.

**– Эрте турмуш куруп, учурда алмончоктой уул-кыздын атасы болуп калыпсыз. “Ата болуу оңой, аталык кылуу кыйын” деп коёт эмеспи! Кандай ата болуп атасыз балдарыңызга?**

– Ар бир адам өзүнүн баласын жакшы болсо экен дейт. Мен деле балдарымды жакшы жагына тарбиялайм. Атам мага кандай тарбия берсе, балдарыма да ошондой жакшы жакшы тарбия бергенге аракет кылам. Кудайдын буюрганы турат да. Уулум улакчы болом десе да, болбойм десе да өзү чечет. Бирок улакчы болсо жакшы да. Атам ачык айтпаса да, ичинен улакчы болгонума сүйүнсө керек.

**– Улакчы бир атка ык алып алган соң, башка атка көнүү оорчулук жаратпайбы?**

– Мен аргымак тандабайм. Кандай ат болбосун минип кетем.

**– Көк бөрүдөгү айрым эрежелерди тактайбыз деп жатышат, сиздин оюңузча кайсы эрежелерге оңдоо киргизсе жакшы болчудай?**

– Мага калыстын айтканы айткан, дегени деген. Эрежелер боюнча айтсам, чаап келип урдургандарын токтотуп койсо жакшы болмок. Казактардыкындай чаап келип урдургандарды 5 мүнөт жаза мамыга чыгарып койсо, бул бат эле токтомок.

**– Ушуга чейинки көрсөткөн оюндарыңыздын ичинен өзгөчө эсиңизде сакталып калган оюн кайсы болду?**

– Быйылкы Президенттик Кубок үчүн болгон оюн болду. Себеби эки ай үйдүн бетин көрбөй даярдандык. Бир четинен ийгилик жылмайды, бир четинен эки ай үйгө барбай жүрүп, утулсак эмне болот деп намыстандык. Жакшы дем менен чыгып, Кудайдын буйругу менен утуп алдык.

**– “Эгерде сен улакты таштоо мүмкүнчүлүгүн кур кол кетирсең, анда кийинки улакты өз тайказаныңдан таап каласың” деп коюшат эмеспи. Спортто ар кандай болот да, аттиң деп калган учурларыңыз болду беле?**

– Ооба, ушул жылы Ноорузда болгон оюнда атым тайсалдап, тайказанга барбай койгон. Ошол жерден аттиң деп аябай өкүнүп калдым. Акыркы мүнөттөрдө улак сала албай калганыма ичим ачышкан. Улакта келген мүмкүнчүлүктү кур кол кетирсең, ал мүмкүнчүлүк кайра кайрылып келбейт.

**– Быйыл “Талас” командасы менен түзгөн келишимиңиз бүтөт, башка командалардан сунуш түшсө эмне кыласыз же “Талас” командасында эле кала бересизби?**

– “Талас” командасы менен түзгөн келишим аягына чыга элек. Азырынча башка командалардан сунуштар түшкөн жок, келишим аягына чыкканда кетеребизди же калабызды ойлонуп көрөбүз. Мага “Талас” жагат, командада улууну улуудай, кичүүнү кичүүдөй сыйлашат. Мен бир гана акча үчүн ойнобойм. Кайсы командага барбайын, улакты жан дилим менен тартып, ошол командага күйүп, утканга аракет кылам.

**– “Талас” командасы тууралуу айтып берсеңиз, машыктыруучуңар менен кандай мамиледесиңер? Силердин командага карата айтылган “улакты коробкалап салышат” деген сынга кандай жооп бересиз?**

– Команданын жетекчиси Талас Бегалиев, ошону менен бирге Дамир, Жаныбек деген байкелерибиз бар. Машыктыруучубуз – Тазабеков Ислам. Күчтүү машыктыруучу, жакшы киши. Команда ынтымактуубуз, урушпайбыз, бир кесим нанды чогуу бөлүп жейбиз. Ал эми коробкалап салуу боюнча айтсам, бул жакында эле башталган жок. Мурунтан мен командага келгенге чейин эле ушундай коробка болуп келе атыптыр. Оюнга чейин башкача оюн кылалы деп жакшы эле ойлонобуз. Финалга келгенде болбой, кайра эле баягы коробкабызга кирип кетебиз. Ошол коробкабуза албай атышпайбы (күлүп).

**– Сиздин купулуңузга толгон оюнчу ким, кайсыл улакчыны баалайсыз?**

– Мен эң жакшы көрүп баалаган улакчым – “Бөрүлү” командасынын оюнчусу Улан Насакеев. Мага Улан байкенин улак тартканы, өзүнүн баскан-турганы жагат. Мен үчүн идеалдуу улакчы. Ушул байкени аябай баалайм, улакты чатагы жок жоош тартат.

Маектешкен РАХАТ АКМАТОВА

## Жубайы Айпери: “Балдарга жумшак ата, мага жакшы күйөө”

Сейитбек агабыздын жубайы Руслан кызы Айпери жеңебиз менен төмөнкүчө сырдаштык

**– Улакчынын жары болуу сыймыкпы же түйшүкпү?**

– Улакчынын жары болуу сыймык, түйшүк деле эмес. Сейитбек экөөбүздүн бирге түтүн булатканыбызга алты жыл болду. Улак тартканына көнүп эле калдым. Башында ден соолугундун баары кетет, кийин картайганда бутуң ооруйт деп каршы болчумун.

**– Сейитбек байкени мүнөздөп берсеңиз, кандай адам? Балдарына кандай ата, сизге кандай жар?**

– Мүнөзүнөн баштасам, бир мүнөздүү, көк бет, айтканынан кайтпайт жана өзүнүкүн бербейт. Балдарын абдан жакшы көрөт, эч качан урушпайт, катуу сүйлөбөйт. Балдарга аябай жумшак. Мага абдан жакшы күйөө, көңүл буруп, каалаганымды алып берет, абдан камкор. Биз 16-17 жашыбызда эле үйлөнүп алдык. Баш кошконубузга 6 жыл болду, ынтымакта жашап жатабыз. Сейитбектей күйөөнү жолуктурган тагдырыма ыраазымын, бактылуумун. Учурда эки баланын энесимин.

**– Эрте турмуш курупсуңар, ортоңордо түшүнбөстүктүктөр болуп, очокту кармап кетүүдө кыйынчылыктар жаралган жокпу?**

– Эми жаңы үйлөнгөндө баары болот экен. Сейитбекке турмушка чыкканга чейин жер тамда жашап көргөн эмесмин. Башында үй сааганды билбей, эрте тургандан кыйналчумун. Сейитбек баарын үйрөттү, азыр көнүп калдым, элден биринчи турам.

**– Президенттик Кубок үчүн беттешке даярданганда эки ай үй көргөн жокпуз дейт. Дегеле улакчылар эки жакка көп кетет. Мындайда сарсанаа болуп кызганасызбы?**

– Албетте, үйдө эки бала менен, мал менен калуу мага оор эле. Бирок баары бир кыласың. Кызганбайм деле, күйөөмө ишенем. А бирок эч жери ооруган жокпу, сынган жокпу деп сарсанаа болом. Келгенче чый-пыйым чыгып кетет. Башы жарылабы деп корком, тебетей кийип тарт десем деле тебетейин чечип салат. Өзүнүн айтканын бербейт.

Маектешкен РАХАТ АКМАТОВА



Асыл жарым Айпери, уулум Эржан жана кызым Айдана менен

Кайсы мезгил болбосун, адамдар гриппке чалдыгышы мүмкүн. Өзгөчө кыш мезгили жакындап келе жатканда грипп күчөйт. №4 ҮБДТнын жетекчиси Абдылдаева Айнура Барктабасовна грипптин алдын алуу, оору башталгандагы биринчи жардам жана башка кызыктуу маалыматтар тууралуу айтып берди

# Грипп





**– Грипп деген сөзгө кыскача түшүнүк берип өтсөңүз?**

– Грипп – бул инфекциялык оорулардын эң кооптуу жана оор түрүнө кирет. Анткени бул оору менен ооруганда бронхиалдык системалар жабыркап, көп учурда өөрчүшүп кетет. Шартка ылайык, грипп массалык интоксикация менен өтүп, өйдөңкү дем алуу органдарын жабыркатат. Грипп оңой өөрчүп кетүүсү менен абдан кооптуу оорулардын катарына кирет. Мисалы, өпкөнүн сезгенүүсү, ошондой эле грипп болгондо организмде көптөгөн башка оорулар козголо баштайт.

**– Грипптин пайда болуу себептери эмнеде?**

– Грипптин жугуу булагы көп учурда инфекцияны алып жүргөн адам болот. Инфекцияны алып жүргөн адам менен ар кандай жакын контакт болгондо, аба аркылуу, кол кармашканда, чүчкүргөндө, жөтөлгөндө грипп адамдан адамга жугат. Грипп оорусу кышкы мезгилде күчөп, эпидемия мүнөзүндө болот. Грипптин массалык жайылуусу орточо эсеп менен он жылда бир болот.

**– Грипптин симптомдоруна (белгилерине) токтоло кетсеңиз.**

– Грипптин эң башкы симптому – бул дененин температурасынын көтөрүлүшү (39-40 градус), чыйрыгуу, муундардын оорушу, бүт дененин алсыздыгы, баш оору, жарыктан коркуу сезиминин пайда болуусу, көз чуңкурларынын оорушу, дененин тердеши. Оорулуу адамдын табити төмөндөп, уйкусу бузулуп, оозу кургап, түш көрүп жатканда өзүнчө сүйлөнүп, ошондой эле галлюцинация болушу мүмкүн. Мындай клиникалык абалда дем алуу системаларынын толук жабыркаганы көп байкалбайт. Бирок жөтөлүү пайда болуп, тамак кычышып, мурундун бүтүшү байкалат. Грипптин оор учурларында мурундан кан агып, териде жылдызча формасында канталоолор пайда болуп, булчуңдар тырышып, эс-учун жоготуп коюулар да кездешет. Көп учурда ооз-мурундун тегерегинде майда жаралар пайда болот.

Айтып коюу керек, грипптин мындай симптомдору бардыгында эле боло бербейт. Шартка ылайык, көп оорулууларда грипп өзүн ар кандай көрсөтөт. Ушул себептүү оорулуу адамдын абалы жеңил, орто жеңил, оор жана абдан оор абал болуп бөлүнөт.

**– Грипп оорусуна өзгөчө кандай адамдар чалдыгат?**

– Грипп оорусуна бала-чакадан баштап абышка-кемпирлерге чейин чалдыгышат. Бирок оорунун өтүшү орто жашаган адамдардыкына караганда жаш балдардын жана улгайган адамдардын иммундук системасынын начар өөрчүгөндүгүнө байланыштуу ар башкача болот. Ушул себептүү ар кандай өөрчүп кетүүлөр жаш балдарда жана улгайган адамдарда көп кездешет.

**– Оору башталганда биринчи жардам кандай болуу керек?**

– Оорунун биринчи симптомдорун сезгенде төмөнкү чараларды жасоо керек: малинадан же карагаттан компот жасап, ысык түрдө ичүү зарыл. Жылуу жуурканга оронуп, тердөө максатында буттун алдына жылуу суу куюлган бөтөлкөлөрдү коюп алсаңар эң жакшы болот. Ошондой эле ооз-мурундун ичин сөзсүз түрдө марганцовканын мала кызыл аралашмасы менен чайкоо зарыл. Сарымсак жана пияздан шуру жасап, моюнуңарга илип алуу абзел. Кайнатылган суусундуктардан көп ичүү керек. Ушундай шарттарды сактасаңар, грипп оорусу оорчулуксуз 3 күндө тарап кетет.

**– Грипти дарылоодо эң маанилүү шарттар болушу мүмкүнбү?**

– Башка оорулар сыяктуу эле грипп дененин температурасынын көтөрүлүшү менен өтөт. Ал эми температуранын көтөрүлүшү бул денени сактоо механизминин иштей баштаганына байланыштуу болот. Организм бактериялар менен күрөшүп, өзүн-өзү дарылаганга аракеттенет. Температуранын көтөрүлүшү менен организмдеги көптөгөн бактериялар өлүмгө учурайт. Ушуга байланыштуу дененин температурасын антибиотиктер менен 37,5 градустан төмөн түшүрбөө зарыл. Бул биринчи шарт.

Экинчи шарт, оор тамактанбоо керек. Анткени иммундук системага дарт менен күрөшүүгө ошол убакта көп күч-кубат талап кылынат. Ал эми оор тамактанып алганда ал күч-кубаттын баары иммундук системага эмес, тамак-ашты иштетүүгө сарптала баштайт. Тамак-аш майлуу болбошу зарыл. Канчалык жеңил тамак болсо, организмге ошончо жакшы. Тамак суюк же каша консистенциясында болсо эң жакшы жана кайнатылган суусундукту көп кабыл алуу абзел.

**– Грипп болгондо эмнени эске алуу керек?**

– Грипп болуп же суук тийип ооруп калганда тез айыгуу максатында дароо эле амоксациллин же ушу сыяктуу антибиотиктер менен дарыланууга такыр болбойт. Анткени антибиотиктер менен тез-тез эле дарылана бергенде организмдеги зыяндуу микроорганизмдер антибиотиктин соккусуна көнүп алат да, дарылардын таасирине чыдамдуу болуп, оору күчөп, айыкпас ооруларга алып келиши мүмкүн.

## Сактануу жолдору

– Грипптен сактануунун эң жөнөкөй каражаты бул жүз каптар (маска). Бир жүз капты 3 саат гана жүзүңүзгө тагып жүрүүгө болот.

– Аймактык, шаардык ооруканалардан гриппке каршы эмдөөдөн өтүү. Негизи гриппке каршы 6 айда бир жолу эмдөөдөн өтүп турсаңар, грипптен алысыраак болосуздар.

– Грипп болуп ооруп жаткан адам менен сүйлөшүүгө туура келсе, 1 метрдик аралыкты сактаңыз жана чүчкүрүп же жөтөлгөндө 2 метрге алыс болуңуз.

– Өздүк гигиенаны жана суукка урунуп калуудан сак болуңуз. Жука кийим менен сейилдебегиле, колуңарды самындап жуугула.

– Кыштын абдан суук күндөрү шарфты маска кылып жүзүңөрдү жаап алгыла. Кышкы муздак температурадагы аба менен дем алганда тамагыңызды тез эле ооруттуп аласыз.

## Кошумча маалыматтар жана кеңештер

Орто өлчөмдөгү чийки пиязды алып, өткөргүчтөн өткөрүп, 1 стакан сүттү жылытып (кайнатпаш керек), пиязды аралаштырып, жылуу жерде 20 мүнөт демдеп коюу керек. Бул демделмени жылуу түрдө жана кечинде жатарда ичүү зарыл. 1 стакандын баарын ичке албасаңар жарымын ичип, калган жарымын эрте менен кайра жылытып ичип алсаңар болот. Мындай демдемени бир нече күн катары менен ичүү зарыл. Ошондо грипп өөрчүбөй бат айыгат.

Колду самындап, жакшылап жуугула же курамында спирти бар каражаттар менен тазалагыла (Мүмкүн болсо, дезинфекциялоочу суюктук куюлган кичинекей бөтөлкөнү жаныңарга ала жүргүлө). Башкалар менен, атүгүл үй-бүлө мүчөлөрү менен чогуу бир сүлгү колдонбоого аракет кылгыла.

Кир колуңар менен көзүңөрдү, мурдуңарды же оозуңарды кармалабагыла. Жөтөлгөндө же чүчкүргөндө, мүмкүн болсо, оозу-мурдуңарды бир жолу колдонула турган салфетка менен жаап, анан дароо ыргытып жибергиле. Микробдордун жайылышына өбөлгө түзгөн уюлдук телефон сыяктуу башка буюм-тайымдарды колдонуудан качкыла. Балдарды мындай адаттарды кармануга жакшылап үйрөтүү зарыл. Андай адаттарды кармануу бардык учурда, айрыкча, сасык тумоо күч алган маалда абдан пайдалуу.

## Коргонуу чаралары

1. Жөтөлгөндө оозуңарды жапкыла
2. Колуңарды жуугула
3. Үйүңөрдү желдеткиле
4. Таза кармагыла
5. Ооруп калсаңар, үйдөн чыкпагыла
6. Кол алышуудан, кучакташуудан качкыла

## Грипптин оор түрү

2009-жылы биринчи жолу Мексикада айкын болгон грипптин H1N1 деген түрү 1918-жылдары он миллиондогон адамдын өмүрүн алып кеткен «испанка» грибине окшош. Бирок грипптин H1N1 түрү чочколор менен куштар чалдыккан вирустарда табылган элементтерди да камтыйт.

Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ



# Мурдуна балта өтпөгөн Комча

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



Кумурзстанда негедир өзү эле келтек жегиси келген мыркиялар бар экени маалым болду. Буга чейин данекбаш болуп келген жана мындан ары да данекбаш болгусу келе берген, деги эле тээ жумурткадан чыккандан бери ойносо да данекбаш болуп ойногон Амур бек Бабо кечээ ушундай убада берди.

- Биз келтек жегиси келген мыркиянын баарын келтектейбиз - деди ал, эч кебелбей туруп. Анын ай кулагы калкандай, алагар көзү чолпондой дос-душманы Комча Таши болсо, антип убада берип, убакыт коротуп отурган жок.

- Биз сөздүн эмес, иштин кумурскасыбыз дегенсип, унчукпай гана жогоруда айтылганды ишке ашырып койду. Айтмакчы, бул кумурска баягы бир кездерде катуу кетип, Ак Уяны Ак Уя дебей, Көк Уяны Көк Уя дебей, эшиги бардын эшигин ачпай, тешиги бардын тешигин ачпай, өзү каалаган жерден секирип кирип, өзү каалаган жерден секирип чыгып калганда уяхан Шаша Хахамбай зынданга отургузуп койгон. Достору келип, «Койгулачы эми, байкуштун ансыз да ыштан-мыштаны айрылып калды. Дагы эмнеси айрылып кетти ким билет? Жөн эле койгулачы» дегенине карабай, зынданга ошо айрылган ыштаны менен эле отургузуп салган Шаша. Ошондон бери Комча аттуу зор калча негедир тынчып калды эле. Бирок бүгүн минтип өзүнүн кайрадан каруу-күчкө толуп калганын далилдеп отурат. Жок, баса! Комчаны андан мурун баягы Эр Олтин да бир жакшы тарбиялап койгон жайы бар. Ошондон кийин айласы кеткен чоң калча өчүп бараткан аптарийкатын көтөрөм деп ыштанын айрытып атпайбы. Какаганга муштаган болгон да, чиркин. Бечара Комча көчөгө топ кумурсканы чогултуп алып, минтип мактанган анда:

- Илгери Коңурхай деген хытай чегирткеси менен илибой дубалдан секирип кетчү экен. А мен эмне ошо Коңурхайдан кем бекем. Мен деле секирем дубалдан. Керек болсо чегирткеси жок секирем, - деген. Жанындагылардын кой-ай дегенин да уккан эмес.

Ошондо ал алты кадам керилип, аңдан аттап секирип, жети кадам керилип, жерден аттап секирип, алдынан чыккан тинттерди, мурду менен бир коюп, туурадан чыккан тинттерди тумшугу менен бир коюп, артынан даңкан чачырап, басып өткөн жерлери чарт жарылып качырап, алдынан даңкан чачырап, тосо чыккан немелер чыдай албай тапырап, дубалга учуп жетти дейт, андай мындай дегиче, ачып-көздү жумгуча, тартаңдап аттап кетти дейт.

Бирок кайран Комча баарын эстеп, баарын туура кылдым дегени менен бир нерсени унутуп калган экен. Көрсө, так ошол өзү айткан Коңурхай дагы дубалдан ашып кетерде артынан жеткен бир баатыр кумурска жамбашын жара сайып кеткен тура. Мына ошол жерин унутуп коюптур Комча. Болбосо, ушунча даярданган неме ыштанын чечип таштабайт беле. Бирок чынында эч ким деле Комчанын артынан кылкан сайган жок. Ошентсе да баары бир ал кемчилик толукталып калды. Эмес кеп ошол жерден болсун.

Кайран Комча күдүң-күдүңкүдүң деп, дубалга учуп жеткенде, желге учкан кыпындай, дубалдан аттап кеткенде, ошо турган кара жер жердигинен түткөндө, карап турган кайран эл элдигинен түткөндө, Эр Комчанын капталдан, кашайып канат өсүп чыккан жок, канат өспөйт дегенди, катыгүн Комча уккан жок. Акыры канатсыз калча кайгырды, арткы буту чыдабай он жеринен кайрылды, армандуу Комча кайгырды, алдындагы алты бут, алтымыш жерден кайрылды. Дубалдын учу тикенек, ошо тикенекке жеткенде кайран калча Комчанын ыштаны жаман айрылды. Эшек курттун терисин эки жүз жолу тиштеткен, жөргөмүштүн терисин жөргөлөтүп иштеткен кайран ыштан шарт кетти, чатырап турган кайран арт, чыдай албай дарт этти.

Мына ушундай окуя болгон ал күнү. Тарых өзүнөн-өзү кынтыксыз кайталанган. Коңурхай аман-эсен аттап кете албагандай эле, бу Комча да жарадар болуп аттап өткөн. Мына ошондо анын бир сыры ачылып калып отурбайбы. Бу Комчанын эмнеге эле бети такыр кызарбайт десе, көрсө бу бети менен артын алмаштырып алыптыр. Анысын дубалдын түбүндө турган бала кумурска даана көрүп каткырып жиберди. Ошондо айласы кеткен Комча күчүн бала кумурскадан чыгарып, чиркей кууган чымындай чыркырата кууган эле. Акыры куушуп жүрүп, тинттердин колуна түшүп, Шашанын зынданына отуруп калган жайы бар. Эми минтип алдыдагы хайлалоого эч нерсе болбогондой алаң көз кумурска Амур бек Бабо менен чогуу аттанып отурат. Кумурзстанда көрсө бекеринен дос-душман деп айтылбайт тура. Бул экөө да илгертен ушундай дос да болуп, душман да болуп келаткандардан.

Кыскасы, ушул дос-душман келтек жегиси келген мыркияларды чекеден келтектей бербей болушту. Биринчи кадамды баягы эле Халайдан келген чоң калча, камчысы кызыл зор калча, муруту дандын кылкандай, эки бүргө бир келсе, эки чайнап жуткандай, кабагы чардын кылкандай, маңдайына алты бит, эки күн жуушап жаткандай, көркү калча, көзү тик, жалаяк ооз, жар кабак Комча Таши баштады. Ошо күнү анын алдынан баягы өзү эле келтек жегиси келе берген мыркиянын данекбаш болгусу келген кымча бел кумурскасынан бирөө чыга калган экен. Кайран калча түз эле качырып коё берсе болобу. Тиги токмок жегиси келип турган неме да аны көрүп сүйүнүп кетти. Ошентип экөөнүн тең моокуму канды. Тигиниси тепкилей берди, мунусу улам бир жамбашын тосуп, улам бир бөйрөгүн такап, жыргай берди. Аягында келтек жегиси келген неме келечекте чогуу иштөө үчүн Комчаны описине да чакырды. Комча баргысы келбей кыйылды эле чөнтөгүндөгү жыйырма таңгак жашыл капустаны да колуна карматты. Ушунча суранып туруп алган соң Комча кантип жок дейт, дароо эле хоп дейт. Түз эле коңузунун башын буруп, тигинин описине барды. Экөө ал жерден да ойда жыргашты. Тигиниси өйдө тээп көтөрүп, кырт-кырт этип жөтөлүп, ылдый тээп чөгөрүп, кыт-кыт этип жөтөлүп, катуу тепкиледи. Беркиси болсо, тепкен сайын былч этип, көздөн жашы жылт этип, чапкан сайын былч этип, моокуму канып кыңк этип, катуу ырахат алды.

Бирок ушу Кумурзстанда дайыма эле жыргагандардын жыргалын көрө албас тинттер бар эмеспи. Ошолор бул экөөнү да көрө албай, бактысын талкалай чапканы килейген кара балта көтөрүп, капилет кирип келишти. Булар баягы Комча дубалдан аттап өтөөрдө да ушундай жолтоо болушкан. Анткени менен зор калча анда аларды кыпынчалык да көргөн эмес. Эми деле тоготуп койгон жок. Айласы кеткен тинттер аны жанагы балтасы менен мурундан нары уруп калышты эле, анын мурдун балта да кескен жок. Эч нерсе болбогондой, быш-быш этип бышылдап алып чыгып кетти. Деги ушундай мурдун балта кеспеген данекбаштар турганда Кумурзстан эмнеге өнүкпөй жатканын тиги тинттер көпкө чейин түшүнө албай кыйла талкуулап отурушту.

- Эй мунун мурдун мындай кой, бети да эч нерсе болбойт экен. Кудум бет эмес эле петон болуп калгандай. Таш менен чапсаң да, сөөк менен чапсаң да эч нерсе болбойт. Бир аз чымыр-чумур болуп, биртке кызыл-кузул болуп койсо го. Мунуку деги кызарып да койгон жок. Деги бул кумурскабы же биогоботбу? – деди дагы бирөө.

- Эй койчу, тим эле апыртасыңар да. Бизде биогобот жок. Бизде фахшилар бар, уктаткычтар бар. Дадапшина да бар бизде. Бирок биогобот жок. Биогобот деген тигил эле Орсуяда. Горстан Голай ушунтип айткан.

Жанагы тинт ушунтип айтты да өзүнүн көптү билгенине мактангандай беркилерди кекирейе карады.

- Горстан Голай керек болсо «зимо ни буди» деп да айткан. Горстан айттыбы, демек ошондой. А бу Комча помчаңар мени кыпындай да ойлонтпойт. Көрөсүңөр, анын мурдуна өтө турган да балта табылат. Шаша каалаcа баарын табат. Бекеринен биогоботту жандап жүрүппү? - деди ал андан кийин. Анын айтканына бул жолу баары макул болду. Чынында эле Шашанын биогоботко барып машыгып жүргөнүн элдин баары билип калбадыбы. Жакында ал дагы биогобот болуп кетпесе болду деги. Ошондон эле коркот Кумурзстандыктар. Биогобот эле болуп кетпесе болду. Башкасы булар үчүн кеп эмес. Жини келсе илибой уяханды кууп чыгышат. Биогобот гана коркунучтуу. Андан азыр ушул кең бакчадагы бардык уялар, бардык уяхандар коркот. Керек болсо ак тиштүү Борак Бабама да тайсалдап турат. Ошол тайманбайт го дешти эле. Ал деле тайсалдап калды. Кыскасы, бу кумурскаларда жашоо ушундай кызыктарга толо өтүп турат.

**Сунуш жана пикирлер үчүн:**
**saresepaikol@mail.ru**



# Мүнөзгө жараша атыр жыты

Атыр – сиздин басып жүргөн биографияңыз. Себеби сиз жактырган, табитиңиздеги жыпар жыт сиз ойлогондон да көптү айтып берет. Жыпар жыттарды даярдоо адистери ар бир адам өзүнүн да, башкалардын да колдонгон атырынан, т.а., жытынан анын кандай адам экенин тааный ала турганын айтышат. Ал үчүн болгону атырдын аңкыган жыты кайсыл топко багытталганын билүү керек. Буга төмөндө көрсөтүлгөн жыттардын 5 тобун жакшылап билүү зарыл

ЭЛИЗА ИРАНОВА

## Чыгыш жыты

Негизи: ваниль, амбра, жыттуу диптерикс, мускат жаңгагы жана кара мурч. Чыгыш жыттарын жактыргандар чыгармачылыкка жакын, салт, үрп-адаттарды баалай билген, жалгыздыкты жакшы көргөн адамдар. Ошондой эле бир нерселерди коллекция кылып топтоону сүйүшөт жана сырткы көрүнүшү менен айырмаланып, жылдыздуу келишет. Өзүнө жакшы көңүл бөлүп карай билет жана билимдүү болушат.

## Цитрус жыты

Негизи: цитрус өсүмдүктөрү. Бул түрдөгү өсүмдүк, гүлдөрдүн жытындагы атырларды тандагандар уюштуруучулук жагынан жакшы жана тартипти бекем кармаган адам экенинен кабар берет. Алар майдачүйдөгө чейин пландоону жактырган жана кемтиксиз, мыкты болууга умтулган кишилердин тобуна кирет.

## Мөмө-жемиш жыттары

Негизи: малина, шабдаалы, кара карагат. Мындай жемиштин жытындагы атыр колдонгондор көңүлдүү отуруштарды жактырган, ишенимдүү, жамаат менен иштей билген ошону менен бирге тамашага бат эле ишенип алган адамдар болушат.

## Ак гүлдөрдүн жыттары

Негизи: лилия, фрезия, гардения, жасмин. Эгер сиз бул түрдөгү гүлдөрдүн жытынан атыр колдонсоңуз, анда сиз менен мамиле куруу абдан оңой. Ишенимдүү курбу, чыныгы дос боло аласыз.

## Жыпар гүлдестелер

Негизи: роза, жасмин. Эгер сиз чогултулган гүл жыттарынан даярдалган атыр колдонсоңуз, анда айланаңыздагылардын да шаңдуу, шайыр жашоосун жактырасыз. Ошондой эле көңүлүңүзгө жаккан нерселерди топтоп, коллекция кылууну да сүйгөн жана жылуу жүздүү адамдардын катарына киресиз.

## Жыгач сыңары жыттар

Негизи: сандал жана кедр дарагы (ийне жалбырактуулар). Мындай дарактын жытындагы атыр колдонгондор сабырдуу, токтоо, сыпайы жана салтты бекем кармаган, көп китеп окуган, билимдүү адамдар. Ошондой эле этият болуп, кыйын учурларда да өзүн жоготпостон кармана билишет.

## «Жашыл» токой жыты

Чөптүн, жалбырактын, эрте мененки шүүдүрүмдүн, мохтун жыттарын элестетет. Мындай түрдөгү жытты тандагандар спорт менен алектенгендер же бак өстүрүүнү жактыргандар же болбосо өзүнүн дене түзүлүшүнө өзгөчө көңүл бурган адамдар.

## Океан же деңиз жыттары

Деңиз балырларын, дарыяны же жамгырдын жытын эске салат. Бул муздак жыттын сүйүүчүлөрү жабык мейкиндиктен коркушат. Ошол себептүү алар муну менен чексиз деңиз мейкиндигин элестетишет. Алар ашыкча жасалгаларды жактыра беришпейт. Токтоолугу жана жөнөкөй, жупуну кийингендиги менен айырмаланышат.

## Таза, «жеңил» жыттар

Абасы таза тоону элестетет. Мындай жыттардын сүйүүчүлөрү жамааттан айрылбоого аракет кылышат. «Эрежеге ылайык» шаарда жашайт, бирок шаар сыртына чыгып сейилдегенди абдан жактырган кишилер. Мындай адамдар калаа менен айыл ортосундагы гармонияны кармай билишет. Алардын өзгөчөлүгү жаңы нерселерге, модага аябай кызыкканында.

## «Тамак» жыты

Анжир, курма, күрүч, быштак, кофе, вино, шампандын жытын элестетет. Мындай жытты жактыргандар кайраттуулугу, чечкиндүүлүгү жана көп нерсеге шыктуулугу менен өзгөчөлөнүп турушат. Ошондой эле өзү менен өзү болуп жүрө берген адамдар болот.

## Булгаары сыңар жыттар

Мындай жытты айрыкча окумуштуу, изилдөөчү, космополит мырзалар көп колдонушат.

# Жөргөмүштүн кызыктары

## Жүздөгөн чакырым алыстыкка уча алышат

Жаш жөргөмүштөр желесинин жардамы менен узак аралыктарга уча алышат. Ал үчүн желенин учун бир жерге жабыштырып, өздөрүн аба агымына ташташат. Мына ушундайча алар жерде 5 чакырым, деңизде жүздөгөн чакырым алыстыкка кете алышат.

## Желеси сыртка чыгар-чыкпас муздайт

Жөргөмүштөрдүн денеси эки бөлүк болуп, арка жагындагы бездеринен желе чыгарат, мына ошол жердеги ичке тешиктерден тамчыдай болгон суюктук сыртка чыгары менен муздайт.

## Аң уулаганга өзгөчө желе

Жөргөмүштөр желесин кармачу курт-кумурсканын чоңдугуна жараша токуйт. Мисалы, Түштүк Америка жөргөмүшү кумурскаларды оңой кармоо үчүн тыгыз жайгашкан желе токуса, көпөлөк сыңары чоңураак курт-кумурскаларга арасы ачыгыраак желе токуйт.

## Манекен жөргөмүштөр

Дагы бир жөргөмүштүн түрү тикенден жана дарактын кабыктарынан манекен жөргөмүштөрдү жасашат. Жөргөмүш желесинин жиптери жибектен болуп, алар болоттон да бекем болот.

## Жабышпай турган жерлерин өздөрү да билишет

Жөргөмүш желесинин баары жабышкак эмес. Олжосу желеге жабышып калган учурда жөргөмүш мына ошол жабышпай турган жерлери менен барып, табылгасын кармайт.

## Душмандарды жаңылтуу үчүн жасалма желе

Жөргөмүш душмандарын жаңылтуу үчүн бир нече жасалма желе борборун жасайт. Жеп бүткөн курт-кумурскалардын калдыгын желенин ортосуна коюп, манекен жөргөмүштөрдү колдонот.

## Уста жөргөмүштөр

Жөргөмүштөр желесин негизинен эки нерсенин ортосунда, дубалдын бурчу же эки тал, дарактын ортосуна окшогон жерлерге токушат. Бирок арасында айрым уста жөргөмүштөр да болот. Алар башкалардан айырмаланып, бир эле жерге желе токууга жөндөмдүү келишет.

## Канаттуулар үчүн эскертүү

Айрым жөргөмүштөр желесин жалтыраган ак түстө кылып токуп, зигзаг формасында белгилерди коюшат. Бул канаттууларга ал жерден өтпөөсүн эскерткен белги болуп саналат.

## Жылан жегендер

Эркек тарантулдун бутунун узундугу 25 см ге барабар болгондуктан, алар бака, чычкан, ал турсун айрым кичинекей жыландарды да кармап жей ала турган күчкө ээ болушат.

## Жупташкандан кийин эркегин өлтүрөт

Карадул түрүнө кирген жөргөмүштөрдүн ургаачысы эркегине караганда 4–5 эсе чоң болот. Ал эми жупташкандан соң ургаачысы эркегин жеп коёт экен.



Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**SMM:** Айжамал Бейшеналиева
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93–65–55, (0312) 45–48–68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Сaресеп гезити

**Нускасы:** 5000
**Буйрутма № 2641**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.